


# GIZ Кыргызстанда

## Натыйжалуу өнүктүрүүгө көмөктөшүү

германия
кызматташтыгы
DEUTSCHE ZUSAMMENARBEIT

Аткаруучу:
giz Deutsche Gesellschaft
für Internationale
Zusammenarbeit (GIZ) GmbH

# Кош келиңиздер!

## Урматтуу окурмандар, өнөктөштөр жана достор,

биз GIZ Кыргызстан 2021 жаңы китепчесин сунуштап жатканыбызга кубанычтабыз. Ал техникалык кызматташтык жаатында кыргыз-герман долбоорлорунун жана программаларынын иштерин, натыйжаларын жана жетишкендиктерин камтыйт.

Кыргызстан менен Германиянын ортосундагы кызматташтык 29 жыл мурда башталган. Биз бул узак мөөнөттөгү өнөктөштүк мезгилинде көптөгөн көйгөйлөрдү бирге чечип келебиз жана 2030-жылга чейинки Күн тартибин – Бириккен Улуттар Уюмунун Туруктуу өнүктүрүүнүн максаттарын ишке ашыруунун келечектери менен көп сандаган мүмкүнчүлүктөрүн карайбыз. Биз Германия Өкмөтүнүн, Европа биримдигинин жана Швейцария өнүктүрүү жана кызматташтык боюнча агенттигинин олуттуу салымы жана тапшырмасы боюнча Кыргызстандын Өкмөтүн жакырчылык менен күрөшүү, экономиканы өнүктүрүү жана реформаларды ылдамдатуу боюнча күчтөрүн колдоого алабыз. Биздин жаңычыл мамилелер, ноу-хау жана колдообуз көйгөйлөрдү жеңүү, потенциалды бекемдөө жана өлкөдө узак мөөнөттүү түзүмдөрдү жана процесстерди түзүү үчүн өз алдынча чечимдерди сунуштайт.

Кыргыз Республикасын туруктуу өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясына ылайык, биздин иш төмөнкү артыкчылыктуу багыттарга топтолгон: туруктуу экономикалык өнүктүрүү жана саламаттык сактоо. Кыргызстанда жана Борбордук Азияда 2030-жылга чейин өнүктүрүү жаатында улуттук жана эл аралык Күн тартибине биздин салым климаттык өзгөрүүгө ыңгайлашуу, табигый ресурстарды коргоо, ошондой эле региондук жана эл аралык соодадагы тоскоолдуктарды жоюу, кесиптик билим берүү реформасына жана башкаруучу кадрларды даярдоого, укуктук жана сот системасын реформалоого көмөктөшүү, начар өнүккөн жана чыр-чатактуу райондордогу жаштарды колдоо, туруктуу жер пайдалануу жана туризм маселелери боюнча жергиликтүү коом менен сүйлөшүүлөрдү жолго коюу сыяктуу темаларды камтыйт.

Кыргызстан өзүнүн бай маданияты жана ири экономикалык потенциалы, өзгөчө кооз табияты менен көптөгөн адамдарды өзүнө тартат жана суктандырат. Биздин максат – өлкөнү жана анын элин өнүгүүгө, дени сак жана климаттык жагымдуу келечекке карай жолдо колдоого алуу. Сиз кийинки беттерден биздин бенефициарлардын ийгиликтүү тажрыйбасын кошуп алганда, ар түрдүү секторлордогу иштерибиз тууралуу кыйла толук маалыматты таба аласыз. Китепчени окуу сизге жага турганына ишенебиз.

Бардык суроолор боюнча giz-kirgisistan@giz.de дареги боюнча кайрылууну же биздин сайтка https://www.giz.de/en/weltweit/356.html бөлүгүнө кирүүнү өтүнөбүз.

Урматтоо менен,
GIZ Кыргызстан жетекчилиги

Январь, 2021-жыл

# Мазмуну


GIZтин багыты ...... 3

Кыргызстан: негизги фактылар жана сандар ...... 4

GIZ Кыргызстанда: өнүктүрүүнү натыйжалуу колдоо ...... 5

Биздин портфолио ...... 6

Туруктуу экономикалык өнүктүрүү: билим берүү, окутуу жана жакшы жумуш орундары үчүн туруктуу өсүш

Туруктуу экономикалык өнүктүрүүгө көмөктөшүү ...... 9
Кыргызстандагы жашыл экономика жана жеке секторду туруктуу өнүктүрүү ...... 10
Ийгиликтин тарыхы: кыйла «жашыл» экономика үчүн туруктуу айыл чарбасы ...... 11
Региондорду комплекстүү өнүктүрүү ...... 12
Ийгиликтин тарыхы: туруктуу жер иштетүү киреше алуу үчүн мүмкүнчүлүктөрдү түзөт ...... 13
Жаштар үчүн жаркын келечек ...... 14
Ийгиликтин тарыхы: максаттуу жаштар өз коомчулугун өнүктүрүүгө жардам беришет ...... 15
Иш менен камсыз кылууга жана кесиптик окутууга көмөк көрсөтүү ...... 16
Борбордук Азиядагы кесиптик билим берүү – тамак-аш азыктарын өндүрүү тармагындагы системалуу мамилелерге көмөк көрсөтүү ...... 17
Борбордук Азиядагы соода жол-жоболорун жөнөкөйлөштүрүү ...... 18

Саламаттык сактоо

Кыргызстандын баштапкы саламаттык сактоосунун өнүгүүсүнө көмөктөшүү ...... 20
Ийгиликтин тарыхы: акушерлердин санариптик жардамчысы ...... 21
Кыргызстандагы «BACKUP Саламаттык сактоо» ...... 22

Айлана-чөйрө жана табигый ресурстар

Жаңгак-мөмө токойлорду жана жайыттарды башкарууга жергиликтүү жамааттарды катыштыруу аркылуу биологиялык ар түрдүүлүктү сактоо жана жакырчылыкты кыскартуу ...... 24
Ийгиликтин тарыхы: бакубаттуулукту жакшыртуу үчүн токойлорду башкаруу ...... 25
Борбордук Азияда экономикалык өнүктүрүү үчүн климаттык өзгөрүүнү эске алуу менен жерлерди туруктуу пайдалануу ...... 27
Ийгиликтин тарыхы: таштуу кыртыштагы түшүмдүү бак-даражтар ...... 28
Казакстандын жана Кыргызстандын чек араларындагы райондордо пилоттук токой өстүрүү жана тукулжураган токой аянттарын калыбына келтирүү ...... 30
Тажикстандын жана Кыргызстандын айыл жергесиндеги климаттык өзгөрүүгө технологиялык ыңгайланышы ...... 31
Жашыл Борбордук Азия: Борбордук Азиядагы жана Афганистандагы климат, айлана-чөйрө жана коопсуздук маселелери боюнча трансчекаралык сүйлөшүү ...... 32

Укуктун үстөмдүгүн чыңдоого көмөктөшүү

Борбордук Азиядагы укуктун үстөмдүгүн чыңдоого көмөктөшүү ...... 34
Ийгиликтин тарыхы: аял адвокаттар Кыргызстанда гендердик кылмыштардын курмандыктарын коргошот ...... 35

Туруктуу өнүктүрүү үчүн Күн тартиби 2030

Эч кимди артка калтырбоо ...... 37
Гендердик теңчилик: аялдардын укуктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүнү колдоо ...... 38
Инновациялар жана санариптештирүү: туруктуу өнүктүрүү үчүн жаңы санариптик чечимдер ...... 40
Кыргыз Республикасынын ТӨМ локалдаштыруу ...... 41

Кыргызстандагы коронавируска GIZтин жообу: экономикалык жана социалдык таасири ...... 42




# GIZтин багыты

## Туруктуу өнүгүүгө жетишүү үчүн иштер

Туруктуу өнүктүрүү максатында эл аралык кызматташуу жана эл аралык агартуу иштери жаатындагы кызматтарды жеткирүүчү катары биз дүйнө жүзүндө татыктуу келечекти куруу ишин колго алабыз. Тапшырыкчылар жана өнөктөштөр менен бирге **биз саясий, социалдык жана экономикалык өзгөрүүлөр үчүн идеяларды иштеп чыгабыз жана ишке ашырабыз.**

GIZ адамдарга жаркын келечекти ачып берген жана адардын жашоо шарттарын туруктуу түрдө жакшырткан натыйжалуу жана таасирдүү чечимдерди сунуш кылуу үчүн ийкемдүү иш алып барат.

2030-жылга чейинки мезгилде туруктуу өнүктүрүү жаатындагы күн тартиби GIZ үчүн өнөктөштөрүбүз жана тапшырыкчыларыбыз менен тыгыз кызматташтыкта жүзөгө ашырылып жаткан иштерибизди жетекчиликке алып, бардыгын өз ичине камтыган алкактык программа болуп саналат.

## GIZ сандарда




GIZтин катталган кеңселери Бонн жана Эшборн шаарларында жайгашкан. 2019-жылы биздин иштин көлөмү 3,1 миллиардга жакын еврону түздү. Биздин 22 199 кызматкер болжол менен 120 өлкөдө иштешет жана алардын дээрлик 70 пайызы – жергиликтүү улуттук персоналдар. Бизде өнүктүрүүгө көмөктөшүү жаатындагы кызматтардын белгилүү жеткирүүчүсү катары өнөктөш-өлкөлөрдө өнүктүрүү боюнча 556 кызматкер эмгектенет. Андан тышкары, 2019-жылы GIZ жана Германиянын жумушка орноштуруу боюнча федералдык агенттиги менен биргеликте башкарылуучу Эл аралык миграция жана өнүктүрүү борбору 262 интеграцияланган экспертти жана кызматтык сапарга жиберилген 515 экспертти өнөктөш-өлкөлөрдөгү жергиликтүү жумуш берүүчүлөргө жайгаштырган же аларга финансылык колдоо, консультация же башка кызматтарды көрсөткөн.*

GIZ жөнүндө кыйла толугураак маалыматты дүйнө жүзү боюнча www.giz.de сайтынан табууга болот.

**120** өлкөдө

**22 199** кызматкер

Операциялардын көлөмү **€ 3,1 млрд** жакын

* 2019-жылдын 31-декабрына карата абал боюнча персонал жана иш көрсөткүчтөр.

# Кыргызстан: негизги фактылар жана сандар




Кыргызстан – Казакстан, Кытай, Тажикстан жана Өзбекстан менен чектешкен Борбордук Азиядагы постсоветтик мамлекет. Тянь-Шань тоолуу региону 80%дан ашык аймакты ээлейт (натыйжада Кыргызстанды «Борбордук Азиядагы Швейцария» деп көп аташат), калгандарын өрөөндөр жана суулар түзөт. Маданий мурастары, 3 000 ашык альпикалык көлдөрү менен көз жоосун алган тоолуу табияты (алардын ичинен Ысык-Көл – дүйнө жүзү боюнча бийик тоолуу эң чоң экинчи көл), ар түрдүү өсүмдүктөрү жана жан-жаныбарлары экотуризмди өнүктүрүү үчүн ири сандагы мүмкүнчүлүктөрдү тартуулайт.



Кыргызстан 1991-жылдан тартып көз карандысыз республика болуп саналат. Ал эми 2010-жылдан бери – парламенттик өлкө. 2021-жылдын январында болуп өткөн референдумдан кийин өлкөгө президенттик башкаруу формасын киргизүү алдында турат. Региондук, этностук чыңалууну мүнөздөгөн коопсуздук жаатында келе жаткан көйгөйлөр жана алсыз экономика, ошондой эле муундардын ортосундагы карама-каршылыктар өлкө үчүн олуттуу чакырыктарды түзөт. Калктын жарымынан көбү улуттук деңгээлдеги өзгөчө жакырчылыкта жашашат.

Саясий туруксуздук жана колдонуудагы экономикалык түзүмдөр өсүү келечектерин чектейт. Саламаттык сактоо чөйрөсү жетишкен прогресске карабастан, мындан ары дагы тынымсыз иш-аракеттерге муктаж. 5 жашка чейинки балдардын өлүмү кыскарган болсо, ымыркайлардын өлүмү абдан жай төмөндөөдө. Энелердин өлүмү жогору бойдон калууда жана Дүйнөлүк саламаттык сактоо уюмунун Европа регионунун 53 өлкөсүнүн ичинен биринчи орунда турат.

| | |
|---|---|
| Борбор шаары (жана ири шаар) | Бишкек |
| Мамлекеттик тили /Расмий тили | Кыргыз/Орус |
| Жалпы аймагы | 199 951 км² |
| Калкы (2020-ж. карата баалоо) | 6 586 600 адам |
| Калктын жыштыгы | 1 км² – 27 адам |
| Калкы (2019) | 73,5% кыргыздар, 14,7% өзбектер, 5,5% орустар, 1,1% дунгандар, 0,9% уйгурлар, 0,9% тажиктер, 0,7% түрктөр, 2,7% башкалар |

| | |
|---|---|
| Диний ишеними | 90% мусулмандар, 7% православдар, 3% башкалар |
| Көз карандысыздыгы | 1991-ж. |
| Башкаруу формасы | Унитардык парламенттик светтик конституциялык республика |
| ИДП (2019-ж. карата баалоо) | $35 324 биллион |
| Коңшу өлкөлөр | Казакстан, Өзбекстан, Тажикстан, Кытай |



# GIZ Кыргызстанда: өнүктүрүүнү натыйжалуу колдоо



GIZ Кыргызстанда өз ишин 1992-жылдан тартып Германия Өкмөтүнүн жана башка ыйгарым укуктуу тараптардын – Европа бирлигинин жана Швейцария кызматташуу жана өнүктүрүү боюнча агенттигинин тапшырмасы менен жүзөгө ашырып келет. Экономикалык кызматташтык жана Германияны өнүктүрүү федералдык министрлиги (BMZ) Кыргызстандагы жана Борбордук Азиядагы регионддук долбоорлорду эки тараптуу өнүктүрүү үчүн GIZтин негизги тапшырыкчысы болуп саналат. Кыргызстан менен Германиянын ортосундагы өнүктүрүү жаатындагы кызматташтыкты координациялоо КР Экономика министрлиги тарабынан жүзөгө ашырылат.

GIZ калктын киреше деңгээли төмөн болгон айыл жергелеринде, атап айтканда, Ош, Жалал-Абад, Нарын жана Ысык-Көл областтарында артыкчылыктуу түрдө иш алып барат. GIZ өкүлчүлүгү өлкөнүн борбор шаары Бишкекте жайгашкан, ал эми Ош жана Жалал-Абад шаарларында долбоордун кеңселери бар.

Кыргызстандын туруктуу өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясына ылайык, GIZ ишин эки артыкчылыктуу багытка топтоштурат: туруктуу экономикалык өнүгүү жана саламаттык сактоо. Экономиканы турукташтырууга жана түзүмдүк реформаларды тездетүүгө өзгөчө көңүл бурулат. GIZ бул максаттарга жетүү үчүн айыл жергесиндеги жашоочулардын жумушка орношуу жана киреше алуу мүмкүндүгүн кеңейтүү жолу менен жардам берет. Биз айыл чарба өндүрүш-тиричилик түйүндөрүн, ошондой эле агро- жана экотуризмди өнүктүрүүнү колдойбуз, жетүүнү өркүндөтөбүз. Биз ошондой эле «жашыл» экономикага өтүүгө жана экспортко түрткү берүүгө өзгөчө салым кошобуз.

Саламаттык сактоо секторундагы биздин кызматташтык медициналык кызматтардын, өзгөчө энелер жана ымыркайлар үчүн медициналык-санитардык жардам көрсөтүүнүн сапатын жана жеткиликтүүлүгүн жогорулатууга бурулган. Башкалардын ичинен GIZ өлкөнүн беш регионунда медицина кызматкерлеринин квалификациясын жогорулатуу, перинаталдык жардамды жакшыртуу жана кош бойлуу аялдардын жана ымыркайлардын керектөөлөрүн эске алуу менен дарыгер-адистерге жөнөтүү боюнча иш-чараларга көмөк көрсөтөт.

Жергиликтүү саясий өнөктөштөрдүн жана тапшырыкчылардын суроо-талабына жана Бириккен Улуттар Уюмунун 2030-жылга чейинки мезгилде туруктуу өнүктүрүү жаатындагы максаттарына ылайык, өнүктүрүүдөгү биздин салымыбыз жеке секторду колдоону жана регионддук жана эл аралык соода-сатыкта тосколдуктарды төмөндөтүүнү; кесиптик билим берүүнү реформалоону колдоо; укуктук жана сот системасын реформалоону күчөтүүнү; начар өнүккөн жана чыр-чатактуу райондордогу жаштарга жардам берүүнү, ошондой эле жергиликтүү калкка жер ресурстарын биргелешип башкарууга жана климаттын өзгөрүшүнө ыңгайлашууга жардам берүү үчүн сүйлөшүү жүргүзүүнү да камтыйт.

**160**
жергиликтүү жана эл аралык адистер*

Жалпы
**€ 58,118 млн***
бюджети менен 9 эки тараптуу долбоорлор жана программалар

Жалпы
**€ 67,6 млн***
бюджети менен 7 регионддук долбоорлор жана программалар

* Кызматкерлер жана долбоорлор/программалар 2021-жылдын январына карата.

# Биздин портфолио

## Туруктуу экономикалык өнүктүрүү: билим берүү, окутуу жана жакшы жумуш орундары үчүн туруктуу өсүш

Туруктуу экономикалык өнүктүрүүгө көмөктөшүү (долбоор)

Кыргызстандагы жашыл экономика жана жеке секторду туруктуу өнүктүрүү (долбоор)

**тапшырмасы боюнча**

Региондорду комплекстүү өнүктүрүү (программа)

**тапшырмасы боюнча**

Жаштар үчүн жаркын келечек (программа)

Иш менен камсыз кылууга жана кесиптик окутууга көмөк көрсөтүү (долбоор)

**тапшырмасы боюнча**

Борбордук Азиядагы кесиптик билим берүү – тамак-аш азыктарын өндүрүү тармагындагы системалуу маселелерге көмөк көрсөтүү (долбоор)

Борбордук Азиядагы соода жол-жоболорун жөнөкөйлөштүрүү (долбоор)

**тапшырмасы боюнча**

## Айлана-чөйрө жана табигый ресурстар

Жаңгак-мөмө токойлорду жана жайыттарды башкарууга жергиликтүү жамааттарды катыштыруу аркылуу биологиялык ар түрдүүлүктү сактоо жана жакырчылыкты кыскартуу (долбоор)

Изилдөө жана эксперттер фонду: Парник газдарынын эмиссиясын азайтуу жана жерди пайдалануу секторунда климаттык тобокелдиктерди азайтуу боюнча саясаттын сунуштамаларын иштеп чыгуу (долбоор)

**тапшырмасы боюнча**

Борбордук Азияда экономикалык өнүктүрүү үчүн климаттык өзгөрүүнү эске алуу менен жерлерди туруктуу пайдалануу (программа)

Тажикстандын жана Кыргызстандын айыл жергесиндеги климаттык өзгөрүүгө технологиялык ыңгайланышы (программа)

Жашыл Борбордук Азия: Борбордук Азиядагы жана Афганистандагы климат, айлана-чөйрө жана коопсуздук маселелери боюнча трансчекаралык сүйлөшүү (программа)

Изилдөө жана эксперттер фонду: Казакстандын жана Кыргызстандын чек араларындагы райондордо пилоттук токой өстүрүү жана тукулжураган токой аянттарын калыбына келтирүү (долбоор)

**тапшырмасы боюнча**

## Саламаттык сактоо

Кыргызстандын баштапкы саламаттык сактоонун өнүгүүсүнө көмөктөшүү (долбоор)

Кыргызстандагы «BACKUP Саламаттык сактоо» (долбоор)

**тапшырмасы боюнча**

## Укуктун үстөмдүгүн чыңдоого көмөктөшүү

Борбордук Азиядагы укуктун үстөмдүгүн чыңдоого көмөктөшүү (программа)

**тапшырмасы боюнча**

Кыргыз Республикасы укуктун үстөмдүгүн чыңдоого көмөктөшүү (программа)

**тапшырмасы боюнча**

## Туруктуу өнүктүрүү үчүн Күн тартиби 2030

Эч кимди артка калтырбоо

Гендердик теңчилик: аялдардын укуктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүнү колдоо

Инновациялар жана санариптештирүү: туруктуу өнүктүрүү үчүн жаңы санариптик чечимдер

Изилдөө жана эксперттер фонду: Кыргыз Республикасынын ТӨМ локалдаштыруу (долбоор)

**тапшырмасы боюнча**

Эки тараптуу долбоорлор жана программалар

Региондук долбоорлор жана программалар (Борбордук Азия жана Афганистан)



# Туруктуу экономикалык өнүктүрүү: билим берүү, окутуу жана жакшы жумуш орундары үчүн туруктуу өсүш



## Туруктуу экономикалык өнүктүрүүгө көмөктөшүү

Кыргызстанда позитивдүү экономикалык кайра куруулар үчүн абдан келечектүү шарттар бар, бирок баалуу ресурстар пайдаланылбайт жана системалуу көйгөйлөр толугу менен чечилбейт. Жагымдуу климатка ээ болуу менен өлкө Россияга жана Европага ар түрдүү айыл чарба азыктарын туруктуу жөнөтүп турууга жөндөмдүү. Ошондой болсо дагы, экологиялык тобокелдиктер, сапатка коюлган талаптарды сактоодогу көйгөйлөр жана ички кошумча нарк салыгынын (КНС) түзүлүшү анын экспорттук потенциалын толугу менен ишке ашырууга мүмкүндүк бербейт. Бир кыйла «жашыл» экономикалык саясат жана практика туруктуу экономикалык өнүктүрүүгө көмөк көрсөтө алмак. Инвестициялар жана кадрларды даярдоо, экспортту кеңейтүү үчүн зарыл болгон стандарттарды сактоону камсыз кыла алмак. Өндүрүштүн жана коопсуз тамак-аш азыктарынын жакшы жолго коюлган ички системасы эл аралык сооданы кеңейтүү үчүн кыйла бекем негизди түзө алмак.

Туруктуу экономикалык өнүктүрүүнү алдыга жылдыруу боюнча кыргыз-герман программасы иш менен камсыз кылуу жагдайларын жакшыртуу жана киреше алуу мүмкүнчүлүктөрүн түзүү үчүн буга жана булар менен байланышкан маселелерге көңүл бурат. Программа «жашыл» экономика саясатын киргизүү жана мамлекеттик мекемелерди жана ишкерлерди кошуп алганда, кызыкдар тараптардын арасында экологиялык принциптерди киргизүү маселелери тууралуу маалымдуулукту жогорулатуу боюнча, КР Экономика министрлиги менен кызматташат. Программа Import Promotion Desk немец уюму менен тыгыз кызматташууда алардын өз азыктарын сунуштоого жана потенциалдуу эл аралык суроо-талапты көбөйтүүгө мүмкүн болгон эл аралык иш-чараларга жетүүнү берүү менен жергиликтүү бизнеске жардам берди.

Экономикалык кызматташтык жана Германияны өнүктүрүү федералдык министрлиги (BMZ) жана Швейцария өнүктүрүү жана кызматташтык агенттиги (SDC) тарабынан каржылануучу программа ар түрдүү деңгээлдеги тамак-аш азыктарына КНСти өзгөрттү. Мисалы, Жалал-Абад областында кара өрүктү жана жашылчаларды өндүрүү сапатты камсыз кылуу системасын киргизүүнүн эсебинен кеңейтилди. Бул өз кезегинде жергиликтүү азыктардын рынок стандарттарына жана талаптарына шайкеш келишине мүмкүндүк берди.



Өндүрүштүк процесстерди жакшыртуу жана рынокту кеңейтүү экономикалык өсүшкө алып келди. Мисалы, 2018-жылы Кыргызстан биринчи жолу Европага 60 тонна кара өрүк экспорттогон. Бул азык экологиялык таза азыктардын европалык стандарттарына толугу менен шайкеш келет. Ошондой эле 2020-жылы Россияга жана Казакстанга 5 650 тонна калемпир экспорттолгон. Окшош негизде уй этин өндүрүү секторунда кирешелер өстү. Мунун бардыгы көпчүлүк адамдар сапаттуу жумушка жана кыйла туруктуу кирешеге жеткендигин, ал эми ишканаларда көп мүмкүнчүлүктөр пайда болгондугун билдирет. Улуттук банк менен кызматташтыкта 68 фермер жана 1 725 адам үчүн финансы маселелери боюнча окутуу уюштурулган. 24 компания кайра иштетилген жашылчалар жана тоңдурулган эт боюнча ISO 22000 жана

FSSC сертификаттарын алышты. Жалал-Абад, Ош, Чүй жана Ысык-Көл областтарындагы ишканалар өсүүгө, өнүгүүгө жана Кыргызстандын экономикасына узак мөөнөттүү оң таасир берүүгө мүмкүндүк берүүчү куралдарды алышты.

870 фермер сугат үчүн КНСте органикалык өндүрүш ыкмаларын колдонушат

10 жергиликтүү экономикалык өнүктүрүүнүн стратегиясы

3 059 жаңы жумушчу орундары: туруктуу жана сезондук

2 000 адам финансылык сабаттуулукка окутулду

170тен ашык ишканада кирешелердин 37% өсүшү

## Кыргызстандагы жашыл экономика жана жеке секторду туруктуу өнүктүрүү

GIZ, Кыргызстандагы жумуштуулукту жана кирешелерди жакшыртууга кеңири жана терең мамиле жасоо менен жашыл экономиканын принциптерине басым жасайт. «Жашыл» экономикада кирешелер жана жумуштуулук көмүр кычкыл газынын калдыктарын жана айлана-чөйрөнү булгоону кыскартуучу, энергияны жана ресурстарды натыйжалуу пайдаланууну жогорулатуучу жана биоартүрдүүлүктү жана экосистемалуу кызматтарды кыскартууну токтотуучу мамлекеттик жана жеке инвестициялар менен жөнгө салынат. Экономиканын экологиялуулугуна органикалык өндүрүштүн эсебинен гана эмес, желимди керектөөлөрдү кыскартуунун эсебинен да жетишет, башкалардын ичинен бул мамилеге карата калктын маалымдуулугунун деңгээлин жогорулатуу талап кылынат.

GIZ «Кыргызстандагы жашыл экономика жана жеке секторду туруктуу өнүктүрүү» кыргыз-герман долбоорун КР Экономика жана финансы министрлиги менен өнөктөштүктө жана Германиянын Экономикалык кызматташтык жана өнүктүрүү федералдык министрлигинин (BMZ) жана Швейцария кызматташуу жана өнүктүрүү боюнча агенттигинин (SDC) тапшырмасы менен аткарат. Анын максаты – үч секторго экологиялык принциптерди киргизүү: жер-жемиштерди жана жашылчаларды өндүрүү, мал чарбачылыгы жана туризм. Биз өкмөттүк деңгээлде жеке сектордун кызыкчылыктарына жооп берген «жашыл» экономиканы алдыга жылдырабыз. Биз мезгилдүү эл аралык практикага ылайык, натыйжалар узак мөөнөттүү жана масштабдуу болушу үчүн координациялоонун, мониторинг кылуунун жана саясат жүргүзүүнүн үстүндө иштейбиз. Биз бизнестин деңгээлинде экологиялык таза методдорду өнүктүрүүнү жана өркүндөтүүнү колдойбуз, мисалы, кичи, чакан жана орто ишканалардын ичинен (КЧОИ). Биз потенциалдуу кардарлардын маалымдуулугун жогорулатууга аракеттенебиз жана муну менен экологиялык сарамжалдуу ыкма менен өндүрүлгөн продукцияга болгон суроо-талапты көбөйтүүгө түрткү беребиз.



Экологиялык таза экономикалык методдорду алдыга жылдыруу үчүн мүмкүнчүлүктөр чоң жана калктын бардыгы – 6 300 000 адам (2018-жылдагы абал боюнча) – тартылышы мүмкүн. Кыргызстан экономикалык иштн андан ары интеграциялоо үчүн олуттуу экономикалык потенциалга ээ. Мисалы, аялдар көпчүлүк учурда эмгек ресурсу катары бизнес менен алектенүүнүн ордуна өзүнүн ишин үй чарбасы менен чектейт. Алар бардык майда чарбалардын бешинчи бөлүгүн (19,2%) гана башкарат. Ошондуктан долбоордо калктын аярлуу тобуна өзгөчө көңүл бурулат: аялдарга, жаштарга (14 жаштан 34 жашка чейин) жана ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарга. Андан тышкары, болжол менен 500 000 КЧОИ менчик ээлерине, менеджерлерине жана кызматкерлерине колдоо көрсөтөбүз. Айыл чарба ишканалары ишканалардын жалпы санынын 12% гана түзсө дагы, аларда калктын 30% иштейт, алардын көпчүлүгү жакырчылыкта жашашат жана айыл жергесинде турушат.



## Ийгиликтин тарыхы: кыйла «жашыл» экономика үчүн туруктуу айыл чарбасы

Жалал-Абад областында жергиликтүү калктын көпчүлүгү жер иштетүү жана мал багуу менен алектенет. Бул жерде жер-жемиш, жашылча, дан жана жаңгак өстүрүшөт. GIZ киреше булактарын жакшыртууда жана тиешелүү кошумча нарк чынжырчаларын өнүктүрүүдө фермерлерди колдойт. Өндүрүүчүлөр өндүрүш чыгымдарын кыскартуу жана жер айдоого жана түшүм жыйноого убакытты үнөмдөө үчүн кооперативдерге жана окшош топторго биригип жатышат. GIZ дыйкандарга технологияларды жана сапаттуу үрөндөрдү алууга, зыянкечтерге каршы күрөшүү боюнча билимин өркүндөтүүгө, ошондой эле жер семирткичтерди жана заманбап жер айдоо ыкмаларын колдонууга жардам көрсөтөт. Ушулардын аркасында дыйкандар түшүмдүн көлөмүн жана сапатын, демек, өздөрүнүн экономикалык жашоо деңгээлин да узак келечектүү жогорулатышат.



Мисалы, өлкөнүн түштүгүндө ар түрдүү айылдагы 1 103 дыйкан чарбалары органикалык өндүрүштүн бардык ыкмаларын пайдалануу менен кара өрүктөргө кошумча нарк чынжырчасын киргизишти. 2018-жылы дыйкандар 260 тонна органикалык кара өрүктөрдү өндүрүштү жана сатышты. 366 өндүрүүчү өздөрүнүн кирешесин 14% көбөйттү жана Экономика жана финансы министрлигинин маалыматы боюнча 39 миңден ашык евро алышты. Андан тышкары, 140 сезондук жумушчу орундары түзүлдү, алардын ичинен 100 – айыл жергесиндеги аялдар.



Башка мисал, Бүргөнду айылынын дыйкандары жаңы үрөндөргө жана өсүмдүктөрдү өстүрүүнүн жана тазалоонун заманбап методдоруна, жаңы экономикалык байланыштарга жана инфратүзүмдөрдү жакшыртууга муктаж болушкан. Ушул көйгөйлөрдү чечүү максатында, алар «Бүргөнду Кооперативин» түзүп, ага агроном-консультанттарды жана маркетинг боюнча консультанттарды тартышты. Натыйжада, ушул жылы алар адаттан тышкары көп болгар калемпирин өстүрүп сатууга жетишишти – 320 тонна Россиянын сатуу текчелерине жөнөтүлдү. Жайында дыйкандар таң аткандан күн батканга чейин бардык үй-бүлөсү менен түшүм чогултушту. Медициналык маскаларды кийип, аралыкты сактап иштөө оңой болгон жок. Бирок түшүм жыйналганына сүйүнүп, көп киреше күтүп жаткан эл, талаада ырдашып, бири-бирин куттукташты.

## Региондорду комплекстүү өнүктүрүү

Кыргызстандын 22,4% калкы улуттук деңгээлде өтө кедей жашашат. Жалал-Абад облусында калктын 32,2% жакырчылыкта жашайт. Киреше алуу үчүн мүмкүнчүлүктүн жоктугу адамдарды башка региондорго же өлкөлөргө акча табуу үчүн кетүүгө аргасыз кылат. Калгандары негизинен айыл чарбасынан түшкөн кирешеге жашашат. Айрымдары гана чакан бизнести өнүктүрүүгө аракет кылышат, мисалы, айылдагы туризмди. Бирок төмөн өндүрүмдүүлүк жана айыл чарба жерлеринин жетишсиздиги үй-бүлөнүн экономикалык бакубаттыгын камсыз кылууга жөндөмсүз. Өндүрүштүн жана кайра иштеп чыгуунун заманбап технологияларынын жана инвестицияларынын жоктугу менен шартталган жетишсиз натыйжалуулук фермерлерге улуттук жана эл аралык деңгээлде толук кандуу атаандаштыкка мүмкүндүк бербейт. Кичи, чакан жана орто бизнес (КЧОБ) туристтик ишканаларында дагы окшош көйгөйлөр: алар обочолонгон жана ресурстарды бириктирбейт. Аялдар жана жаштар киреше алуу үчүн мүмкүнчүлүктүн жоктугунан көбүрөөк жабыр тартышат.



«Региондорду комплекстүү өнүктүрүү» программасынын алкагында GIZ бул кыйынчылыктарды жеңдөөгө жардам берет. Долбоордук сунуштар сынагын уюштуруу менен биз программаны ишке ашыруу боюнча биздин өнөктөштөр БӨУ менен гранттык макулдашууларды түздүк. Биз фермерлерге өндүрүштө инновациялык жана «жашыл» принциптерди пайдалануучу пияз, жүгөрү, органикалык пахта, буудай жана арпа өндүрүүчүлөр тобун түзүүгө жардам беребиз. Ошондой эле биз туристтик ишканаларга кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатын жакшыртууга жана жаңы продукттарды иштеп чыгууга; коомдоштукка негизделген туризмди өнүктүрүүгө жана «Жалал-Абад дестинациясы» туристтик жайын башкаруу боюнча уюмду ачууга көмөктөшөбүз. Ошону менен бирге биз атаандаштыкка жөндөмдүүлүктү жогорулатууга жардам беребиз, бул киреше алуу үчүн кошумча мүмкүнчүлүктөрдү түзөт жана ошону менен бирге жергиликтүү БӨУ потенциалын өстүрүүгө жардам көрсөтөбүз.

Экономикалык өнүктүрүүнү пландоого инклюзивдик мамилени киргизүү жана бекемдөө менен биз бизнести жүргүзүү жана социалдык демилгелерди колдоо үчүн шарттарды түзүүгө муктаждыктарды ачыктоодо, чечимдерди издөөдө жана артыкчылыктуу пилоттук долбоорлорду аныктоодо жергиликтүү калктын бардык топторунун катышуусун камсыз кылабыз. Анткени ишке жаштар, аялдар, этностук азчылыктын, калктын жакыр катмарынын өкүлдөрү жана майыптыгы бар адамдар тартылат, биздин мамиле «Эч ким көңүл тышында калбоого тийиш» принцибин сактоону камсыз кылат. Айыл чарба кластерлерин түзүү КР региондорду өнүктүрүү боюнча стратегиясынын ажырагыс бөлүгү болуп саналат жана GIZ Экономика министрлигине өндүрүүчүлөр менен кызмат көрсөтүүлөрдү берүүчүлөрдүн, КЧОБ туристтик ишканалардын ортосундагы, ошондой эле жеке жана мамлекеттик сектордун ортосундагы байланышты жөндөө аркылуу аны турмушка ашырууга жардам берет.

Программа Европа бирлиги тарабынан каржыланат жана Экономикалык кызматташтык жана Германияны өнүктүрүү федералдык министрлиги (BMZ) тарабынан кошумча каржыланат.

210 ЖӨБ органдарынын өкүлдөрү, жарандык коомдун мүчөлөрү жана жөнөкөй жарандар жергиликтүү өнүктүрүү боюнча тренингден өтүштү

15 БӨУ айыл жергесинин потенциалын бекемдөөгө жана өнүктүрүүгө 17 грант (жалпы суммасы €4,2 млн) алышты

400 өндүрүүчү кызмат көрсөтүүлөрдүн сапаты, экологиялык коопсуз өндүрүштү киргизүү жана түшүмдүүлүктү жогорулатуу боюнча билимдерин жогорулатышты

Областтардын ар түрдүү райондорунда туризм боюнча 31 долбоор колдоого алынды




## Ийгиликтин тарыхы: туруктуу жер иштетүү киреше алуу үчүн мүмкүнчүлүктөрдү түзөт



Жалал-Абад облусынын Кызыл-Ай айылынын жашоочусу Мураталы Осоров мына үчүнчү жылы жүгөрү өстүрүүдө. Ал 2020-жылы GIZ жана «TES-борбор» окутуу жана консультация берүү боюнча борбордун колдоосунда жаңы сортту айдаган жана жаңы технологияны киргизген. «Биз «Пионер» фирмасынын 3 198 сорт үрөндөрүн айдоо жерге эктик, – дейт Мураталы. – Бул сорт калориялуу жана жогорку түшүмдүү, малдар үчүн сонун тоют болот». «Пионердин» ооруга туруктуулугунун жана аны менен иштөөдө пневматикалык себүүнү пайдалануунун мүмкүнчүлүгүнүн натыйжасында Мураталы жана Кызыл-Ай айылынын башка фермерлери убакытты жана акчаны үнөмдөй алышты. GIZ аларга айыл чарба техникасын алууга, сапаттуу үрөн сатып алууга, зыян келтирүүчүлөр менен кыйла натыйжалуу күрөшүүнү, ошондой эле жер семирткичтерди жана себүүнүн жаңы ыкмаларын туура колдонууну үйрөтүүгө жардам берди. «Биз үрөндөрдү жана жер семирткичтерди өз убагында алдык. Ошондой эле бизде жаңы үрөн сепкич, пестициддер үчүн культиватору жана сепкичи менен трактор болду», – деп эскерет Мураталы. Ар бир 10 күн сайын талаага «TES-борбордун» агрономдору консультация берүү үчүн келип турушту. Натыйжада түшүм мол алынды жана жер иштетүүчүлөр ыраазы болушту. «Ар бир гектардан биз кадимкиге салыштырмалуу 4-5 тоннага көп түшүм алдык», – деп кубанычтуу жылмаят Мураталы. 2020-жылга ал жана башка фермерлер 400дөн ашык гектарга жүгөрү эгүүнү пландоодо.

GIZ Кызыл-Ай айылындагы 105 гектарга жүгөрү өстүргөн өндүрүүчүлөрдүн төрт тобун (90 адамдан ашык) колдоого алат. Бул райондо Жалал-Абад облусында бул өстүрүүнүн жетектөөчү өндүрүүчүлөрү болушу үчүн зарыл болгон бардык нерселер бар.



Ноокен районунун Арал айылынан дагы бир ийгиликтүү мисал. Бул жерде пияз өндүрүүчүлөр тобуна кирген жаш фермер Хусан Султанов эмгектенет. Ал техниканы жана үрөндөрдү ижарага алат жана өндүрүүнүн жаңы технологияларын үзгүлтүксүз өздөштүрөт. 2020-жылы анын түшүмү бардык рекорддорду багындырды. «Мен мурда бир гектардан 47-50 тонна пияз алгам, – деп эскерет Хусан. – Бул жылы гектарынан 65 тонна чогулттум. Эгерде адам талыкпай эмгектенсе, ар бир иш ийгиликтүү болот жана өзүнүн жемиштерин берет».

## Жаштар үчүн жаркын келечек

Статистикага ылайык 14 жаштан 28 жашка чейин курактагы адамдар Кыргыз Республикасынын калкынын 28% түзөт. Экономикалык активдүү жаштар – бул дүйнө жүзү боюнча өнүктүрүүдө олуттуу ролду ойногон маанилүү адам ресурсу. Ошол эле убакта Кыргызстандын 70%дан ашык жаштары айыл жеринде жашашат, ал жактан жумушсуздукка дуушар болушат. Алардын көпчүлүгү коомдук турмушка жана чечим кабыл алуу процесстерине катышууга даяр. Бирок 484 жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары (ЖӨБУ) биргелешкен иш-чараларга жана талкууларга жаштарды тартышпайт жана аларды өнүктүрүү үчүн бюджетти пландашпайт. Бул бардык аспекттер борбор шаар Бишкекке жана башка өлкөлөргө болгон жогорку деңгээлдеги миграцияны шарттайт.



«Жаштар үчүн жаркын келечек» кыргыз-герман долбоору экономикалык жана социалдык турмушка жаштарды катыштырууну кеңейтүүгө багытталган саясатты жана чараларды жакшыртууда жергиликтүү өнөктөштөрдү колдоого алат. Ал ошондой эле 2030-жылга чейинки мезгилде туруктуу өнүктүрүү жаатындагы Күн тартибинин максаттарына жетүүгө көмөктөшөт: ТӨМ 1 «Жакырчылыкты жоюу», ТӨМ 4 «Сапаттуу билим берүү», ТӨМ 8 «Татыктуу жумуш жана экономикалык өсүү» жана ТӨМ 16 «Тынчтык, акыйкаттык жана натыйжалуу институттар». GIZ долбоорду Экономикалык кызматташтык жана Германияны өнүктүрүү боюнча федералдык министрлигинин (BMZ) тапшырмасы менен Чүй, Ысык-Көл, Нарын жана Талас областтарынын 20 айыл аймагында ишке ашырат. Жаштар секторунун мамлекеттик уюмдардагы жана БӨУда потенциалын бекемдөө жана активдүү кызматташууну илгерилетүү, жаштар БӨУ, жеке сектордун жарандык сектордун ортосундагы билимдерди жана тажрыйбаларды улуттук жана жергиликтүү деңгээлде алмашуу долбоордук команданын ишине көңүл бурууга кирет. Ошондой эле 2020-2030-жылдарда жаштарды өнүктүрүүнүн узак мөөнөттүү концепциясын иштеп чыгуу колдоого алынууда.

Биз жергиликтүү деңгээлде айыл администрациясынын жана жаштардын ортосундагы сүйлөшүүнү өнүктүрүүгө жана чечимдерди кабыл алууда алардын кызыкчылыктарын жана муктаждыктарын эске алууга көмөктөшөбүз. Мында маанилүү ролду онлайн-куралдар ойнойт. Ошондой эле биз жаштарды өнүктүрүү жана 10 айылда социалдык-экономикалык өнүктүрүү программасын каржылоо боюнча чараларды киргизүүгө жардам бердик.

Узак мөөнөттүү оң натыйжага жетүү үчүн долбоор Жаштар иштери, дене тарбия жана спорт мамлекеттик агенттиги менен кызматташтыкта жаштар жана жаш лидерлер менен иштөө боюнча адистер үчүн сертификацияланган тренингдерди колдоого алат. 133 адам бул тренингди аякташты. Биз ошондой эле жаштар БӨУ алардын уюмдарын чыңдоодо, долбоорлорду башкарууда (анын ичинде жергиликтүү туризм жаатында) жана ар түрдүү кызыкдар тараптар менен кызматташууда колдоого алабыз.

ЖӨБУ менен кызматташууда биз 122 долбоорду, кесиптик багытка жана көндүмдөрдү өнүктүрүүгө багытталган жаштар БӨУ 44 долбоорун колдоого алдык жана кошумча каржыладык.

16 ЖӨБУ жаштарды өнүктүрүү боюнча чараларга каражат бөлдү

403 жаш лидерлер үчүн сертификацияланган окуу курстарынын жаш бүтүрүүчүлөрү

177 – 2017-жылдан тартып ишке орношкон жаштар



## Ийгиликтин тарыхы: максаттуу жаштар өз коомчулугун өнүктүрүүгө жардам беришет



Өмүрбек Курманбеков – Каракол ш. жаштар борборунун төрагасы. Бир нече жыл мурда ал «Жаштар үчүн жаркын келечек» кыргыз-герман долбоорунун колдоосунда өткөрүлгөн «Дилгир» жаштар лидерлери үчүн окуудан өткөн. Өмүрбек окууну ийгиликтүү аяктагандан кийин ширетүүчү-полимердик цех ачууга грант утуп алган. Азыр ал жакта үч киши дайыма иштейт, дагы алты-жети кошумча жумушчу орундары сезон ичинде пайда болот. Ал эми жайында кесиптик-техникалык лицейлердин 20дай студенти бул жерден стажировкадан өтүшөт.

2019-жылдан тартып Өмүрбек «Ысык-Көл жаштар иштери клубу» коомдук бирикмесинин төрагасы болуп саналат, мында 20га жакын ыктыярчылар активдүү эмгектенишет. «Мен жаштарды ишке орноштурууга жардам берүүнү улантkым келет. Биз аларга долбоордук өтүнмөлөрдү жазууну жана жүзөгө ашырууну үйрөтүү үчүн тренингдерди өткөрөбүз. Биз дагы бир долбоорду GIZ долбоорунун алкагында утуп алдык жана социалдык тигүү цехин ачтык. Ал жерде төрт аял иштейт», – дейт Өмүрбек. 2020-жылдагы марттын аягында коронавирус пандемиясынан улам медициналык беткаптарга суроо-талап жогорулаган жана тигүү цехинде 1 000ге жакын коргоочу беткаптар даярдап чыгарылган.

Алардын жарымы Каракол ш. аз камсыз болгон үй-бүлөлөргө таратылды. Жаштар иштери клубу жергиликтүү бийлик органдары менен өз ара тыгыз аракеттенет. Каракол ш. мэриясы менен кызматташуу жөнүндө меморандумга кол коюлган жана коомдук иш-чаралар эми биргеликте өткөрүлөт. Мындай өз ара аракеттенүү сейрек кездешет жана бул ийгилик Өмүрбекти жана анын командасын шыктандырат. «Бизде жаштарды өнүктүрүү стратегиясы бар экендиги кубандырат. Жаш активисттер аны 2018-жылы иштеп чыгышкан. GIZ долбоору бийлик менен жаштардын ортосундагы сүйлөшүүнү өнүктүрүүнү колдоого алды жана документти иштеп чыгууга жардам берди», – дейт Өмүрбек. Шаардык кеңеш бул стратегияны кабыл алган жана бекиткен, эми ар жыл сайын жаштар үчүн кызмат көрсөтүүлөрдү каржылоого көбүрөөк бөлүнөт. Мисалы, 2017-жылы – 300 000 сом, 2018-жылы – 600 000 жана 2020-жылы – 878 000 сом бөлүнгөн.



Ресурстары чектелген көп өлкөлөр алар үчүн жаштар маанилүү жана аларга инвестиция кылуу керек экендигин аңдап-билишпейт. Бирок бул Өмүрбекке тиешелүү эмес. Анткени ал жана анын командасы жаш активисттер өз коомун, регионун жана өлкөсүн өнүктүрүүгө жардам берүүгө багыт алган кыймылдуу күч экендигин далилдей алышты.

## Иш менен камсыз кылууга жана кесиптик окутууга көмөк көрсөтүү

Натыйжалуу иш менен камсыз кылуу экономикалык жана социалдык өнүктүрүүгө олуттуу салым кошот жана экономикалык өндүрүмдүүлүктү жогорулатуунун жана социалдык биримдикти бекемдөөнүн эсебинен жакырчылыкты кыскартууга жардам берет. Анын маанилүүлүгү Кыргызстанды өнүктүрүүнүн улуттук стратегияларында жана концепцияларында да, «Туруктуу, ар тараптуу өсүшкө, бардыгы үчүн татыктуу жумуш жана өндүрүштүк иш менен камсыз кылууга көмөктөшүүгө» багытталган бүткүл дүйнөлүк туруктуу өнүктүрүүнүн 8 Максатында да белгиленет.



Улуттук статистикалык комитеттин маалыматы боюнча 2020-жылы COVID-19 пандемиясы 22% үй чарбачылыгын жок дегенде бир, ал эми кээде бир нече мүчөлөрүн жумушсуз калтырган. Өлкөдө жумушсуздуктун жалпы деңгээли 5,5% бааланууда. Ишке орноштуруу келечектерин жакшыртуу үчүн GIZ Экономикалык кызматташтык жана Германияны өнүктүрүү федералдык министрлигинин тапшырмасы боюнча (BMZ) 2021-2023-жж. аралыгында «Иш менен камсыз кылууга жана кесиптик окутууга көмөк көрсөтүү» кыргыз-герман долбоорун ишке ашырууда. Долбоор өзүнүн жол көрсөтүүчү ишмердигине таянат жана калктын ар түрдүү топторунун, оор турмуштук кырдаалда калган эркектерди жана аялдарды, жаштарды, мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарды жана этностук азчылыктын өкүлдөрүн кошуп алганда, аларды иш менен камсыз кылуу натыйжалуулугуна жана кирешелерин жогорулатууга көмөктөшүү үчүн куралдарды иштеп чыгат. Биздин өкмөттүк өнөктөштөр – Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министрлиги, Билим берүү жана илим министрлиги жана Баштапкы жана кесиптик билим берүү агенттиги менен биргеликте – биз бир нече таасирдүү куралдарды жана мамилелерди, эмгек рыногун талдоонун негизинде иш менен камсыз кылууга көмөктөшүү саясатын иштеп чыгабыз жана ошондой эле аларды эң кеминде иш менен камсыз кылууга көмөктөшүү боюнча 30 кызматка беребиз. Санариптик чечимдерди иштеп чыгууга жана киргизүүгө, жумушсуздарга инновациялык консультацияларды берүүгө, ошондой эле эмгек рыногунда талап кылынган көндүмдөрдү үйрөтүүгө жардам көрсөтүлөт.

Мурдараак сегиз пилоттук шаарларда 24 жалпы билим берүүчү мектептер менен кызматташууда социалдык өнөктөштүк модели жана 9-класстын окуучулары үчүн кесиптик багыттоо программасы ийгиликтүү тестирленген. Эми биз аларды бардык региондорго жана мектептерге жайылтабыз. Аталган иш-чаралар окуучуларга өзүнүн карьералык өсүү жолунда негиздүү чечимдерди кабыл алууга жардам берет.

Билим берүү жеке секторду өнүктүрүүдөн дайыма артта калгандыктан, алардын жана өндүрүштүн ортосундагы байланышты кармап туруу зарыл. Иш берүүчүлөр өздөрүнө кандай кадрлар керек экендигин билишет, мезгилдүү технологияларды жана эң заманбап мамилелерди пайдаланышат. Баштапкы кесиптик билим берүү деңгээлиндеги билим берүү процессине жеке секторду тартуу сапатты камсыз кылуунун маанилүү шарттарынын бири болуп саналат. Бул жерде биз иш берүүчүлөргө же алардын өкүлдөрүнө кесиптик көндүмдөрдү көз карандысыз сертификация жүргүзүүгө мүмкүндүк берүүчү процесстерди киргизүүдө Баштапкы кесиптик билим берүү агенттигин колдоого алабыз.

**1 518** (алардын ичинен 740 аялдар) кесиптик лицейлердин бүтүрүүчүлөрү өздөрүнүн квалификациясы боюнча аттестациядан өтүштү

**69** веб-иштеп чыгуу боюнча кыска мөөнөттүү курстардын бүтүрүүчүлөрү

**1** өлкө боюнча эмгек рыногунун бирдиктүү Маалыматтык системасы

**650** кесиптик багыттоо программасынын студент-катышуучулары

**22** аккредитацияланган билим берүү программалары



## Борбордук Азиядагы кесиптик билим берүү – тамак-аш азыктарын өндүрүү тармагындагы системалуу мамилелерге көмөк көрсөтүү

Кыргызстанда, Борбордук Азиянын башка өлкөлөрүндөй эле калкы абдан жаш. Анын көпчүлүк бөлүгү экономикалык өнүктүрүү үчүн чоң потенциалга ээ, анткени компаниялар бардык тармактарда квалификациялуу кадрларды абдан издешет. Ошол эле убакта көптөгөн жаштар Россияга же башка өлкөлөргө иштеп табууга кетүүгө аргасыз. Кесиптик окутуу экономикалык жана социалдык өнүктүрүү үчүн адам ресурстарын пайдаланууга негиз болуп саналат. Бирок бул үчүн эмгек рыногунун талаптарына багытталган системалуу реформа керек. Советтик доордогу кызматтык милдеттенмелердин тизмегин модернизациялоо керек; окутуунун мазмуну бир кыйла практикага багытталууга тийиш, ал эми компаниялар келечектеги квалификациялуу кызматкерлерди даярдоого тартылууга тийиш.



Экономикалык кызматташтык жана Германияны өнүктүрүү федералдык министрлигинин (BMZ) тапшырмасы менен «Кесиптик билим берүү жана Борбордук Азиядагы окутуу» долбоору Кыргызстанда жана башка үч өлкөнүн региондорунда тамак-аш өнөр жайын үлгү катары пайдалануу менен кесиптик билим берүүнү жана окутууну колдойт. Өзгөчө көңүл эмгек рыногунун багытына жана эл аралык сапат стандарттарына бурулат. Максаты кош багыттуу кесиптик жана жогорку билим берүү системасын түзүү болуп саналат, анда окутуунун олуттуу бөлүгү ишканаларда, б.а. түздөн-түз жумуш орундарында өтөт. Андан тышкары, долбоор чет өлкөдө окутуу жана ишке орноштуруу мүмкүнчүлүгү үчүн кесиптик билим берүү улуттук системасынын региондук өз ара байланышын активдүү өркүндөтөт.



Кыргызстанда долбоор тийиштүү министрликтер, окуу жайлары жана иш берүүчүлөр менен кызматташууда квалификациялуу кызматкерлерди алардын муктаждыктарын эске алуу менен даярдоо үчүн маанилүү укуктук негиздерди түзөт. Биз кош багыттуу кесиптик жана жогорку билим берүүнү киргизүүнүн жаңы стандарттарын жана концепцияларын аныктоонун улуттук методологиясын иштеп чыктык. Андан тышкары, ар түрдүү кесиптик ассоциациялар менен консультация кылабыз.

Кара-Балта техникалык-экономикалык колледжинде биз окуу пландарын иштеп чыгуу, лабораторияларды түзүү жана окутуучулук курамды окутуу аркылуу «Тамак-аш өндүрүшүнүн техниги» адистигин киргизүүнү колдоого алдык. Колледж өлкөдө кош багыттуу билим берүү жаатында үлгү болуп калды. Долбоор жогорку билим берүү чөйрөсүндө окшош мамилени карманат: биз Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинде европалык «Болон» макулдашуусунун критерийлерине ылайык «Тамак-аш азыктарын өндүрүү технологиясы» адистиги боюнча бакалавриат жана магистратура программасын киргиздик. Ушул жылдын аягында КМТУга, Ош технологиялык университетине

жана Бишкекте Кыргыз улуттук агрардык университетине «Тамак-аш азыктарын өндүрүү технологиясы» жана «Логистика» боюнча кошумча окуу программалырын кошобуз.

1 кесиптик стандарттарды аныктоо үчүн улуттук методология

75% бүтүрүүчүлөр тиешелүү даярдыгына жараша жумуш табышты, же болбосо адистиги боюнча квалификациясын жогорулатууну баштаашты

52 окутуучу окутуунун жаңы мамилелери боюнча квалификациясын жогорулатышты

900 жакын үгүүчүлар/студенттер азыркы убакта долбоор менен колдоого алынган окуу программалары боюнча окушат

15 тамак-аш азыктарын өндүрүү технологиясы боюнча заманбап жабдылган лаборатория

1 «Тамак-аш өндүрүшүнүн техники» кош багыттуу программасы

## Борбордук Азиядагы соода жол-жоболорун жөнөкөйлөштүрүү

Борбордук Азия, жаш жана билимдүү калкы, табигый ресурстары жана стратегиялык жайгашуусу менен соода үчүн чоң потенциалга ээ. Бул артыкчылыкка карабастан, региондун өлкөлөрү иш жүзүндө дүйнөлүк экономикага интеграцияланган эмес. Регион боюнча товарларды ташуу жогорку чыгымдар менен байланыштуу, анткени жер үстүндөгү каттамдарды гана пайдалана алышат. Чек араны кесип өтүүдө ашыкча жеке текшерүүлөр жана узакка созулган жол-жоболор сооданы андан ары өнүктүрүүгө тоскоолдук жаратат.

Экономикалык кызматташтык жана Германияны өнүктүрүү федералдык министрлиги (BMZ) тапшырмасы менен GIZ Казакстанда, Кыргызстанда, Тажикстанда жана Өзбекстанда соода жол-жоболорун жөнөкөйлөштүрүү боюнча долбоорду ишке ашырат.

GIZ долбоорду экономика жана соода боюнча министрликтер, бажы органдары жана чек ара контролдук органдары, ошондой эле бизнес-ассоциациялары менен кызматташуу менен ишке ашырат. Долбоордун кызмат алуучулары соода компаниялары.



Биз өнөктөштөргө жана соода компанияларына чек араларды кыйла тез жана ачык кесип өтүү керектигин экспертиза жана окутуу түрүндө жардам беребиз. Биз ошондой эле улуттук жана региондук деңгээлде мамлекеттик жана жеке секторлордун ортосундагы сүйлөшүүгө көмөк көрсөтөбүз, соода жолунда тоскоолдуктарды аныктоого жана жалпы чечимди табууга жардам беребиз.

Айрым өткөрүү пункттарында пилоттук иш-чараларды тестирлөө, соода чөйрөсүндөгү реформалар жеринде киргизилиши мүмкүн экендигин жана сооданы өнүктүрүү үчүн Борбордук Азия өлкөлөрүнө зарыл экендигин далилдөөгө мүмкүндүк берди.

5 Кыргызстандын чек ара ведомстволору бирдиктүү санариптик платформага интеграцияланды

480 чек ара ведомстволору соодага жана тобокелдиктерди башкаруу системасына көмөктөшүү боюнча тренингден өтүштү

Казакстан, Кыргызстан, Тажикстан жана Өзбекстан соодага көмөктөшүү боюнча улуттук органдардын региондук платформасын түзүү жөнүндө келишим түзүшкөн





# Саламаттык сактоо



## Кыргызстандын баштапкы саламаттык сактоосунун өнүгүүсүнө көмөктөшүү

Акыркы 30 жылда Кыргызстан өз күчү менен саламаттык сактоонун натыйжалуу жана жашоого жөндөмдүү моделин ийгиликтүү дагы, ийгиликсиз дагы түзүүнү башынан өткөрдү. 2019-жылы калктын сапаттуу алгачкы медициналык-санитардык жардамга (АМСЖ) сапаттуу жетүүсү жок болчу. Учурдагы «Дени сак адам – өнүккөн өлкө» (2019-2030) стратегиясы ден соолукту коргоо жана бекемдөө үчүн мамлекеттик шарттарды түзүүдө жарандардын өз ден соолугуна жоопкерчилиги күчөтүүгө багытталган.

2021-жылы Экономикалык өнүктүрүү жана Германияны өнүктүрүү федералдык министрлигинин (BMZ) тапшырмасы менен «Алгачкы саламаттык сактоону өнүктүрүү көмөктөштүгү» кыргыз-герман долбоору башталган. Ал «Перинаталдык саламаттыкты өнүктүрүү көмөктөштүгү» долбоорунун уландысы болуп саналат жана Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги менен биргеликте ишке ашырылат. Анын максаты – Чүй жана Ош облusттарында эне жана баланын ден соолугуна басым жасоо менен алгачкы медициналык-санитардык жардамдын деңгээлиндеги медициналык кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатын жакшыртуу. Бул 2019-2020-жылдарда Саламаттык сактоонун улуттук стратегиясына ылайык келет жана 3 Туруктуу өнүктүрүүнүн максатына (ТӨМ) «Жакшы ден соолук жана бакубаттуулукка» жетүүгө өбөлгө түзөт. Биз улуттук эксперттер менен бирге айрым саламаттык сактоо уюмдарында алгачкы деңгээлдеги саламаттык сактоонун адамга борборлоштурулган комплекстүү мамилелеринин принциптерин киргизүүнүн үстүндө иштейбиз. Бул үчүн башкаруучулук көндүмдөрдү күчөтүү, усттаттык программаны илгерилетүү жана медицина кызматкерлеринин компетенциясын өнүктүрүү пландалууда. Министрлик менен бирге долбоордун командасы кош бойлууларга, энелерге жана ымыркайларга комплекстүү кам көрүү стандарттарын жана жетектөөчү принциптерди иштеп чыгат. Биз мекемелердин деңгээлинде мурунку долбоордо түзүлгөн медициналык кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатын жакшыртуу боюнча команданы колдойбуз. Биз ошондой эле АМСЖ реформалоо боюнча министрликти колдойбуз, ал кийин жаңы көндүмдөргө окутуу менен үй-бүлөлүк дарыгерлердин жана медайымдардын кызматтык нускамаларын кайрадан кароону дагы камтыйт. Алсак, COVID-19 пандемиясы медициналык кызмат көрсөтүүлөргө таасир этет, GIZ профилактика жана инфекцияны контролдоо жаатында Үй-бүлөлүк медицина борборуна колдоо көрсөтүүнү улантат.



Мурдагы долбоордун айрым жыйынтыктары: ДСУ акыркы сунуштамаларына ылайык, клиникалык протокол жаңыланды жана акушерлерге физиологиялык төрөттү кабыл алуу боюнча ыйгарым укуктар бөлүнүп берилди. Долбоордун 5 пилоттук регионунда ымыркайлардын интенсивдүү терапиясы бөлүмдөрүндө оорукананын ичиндеги инфекциялардын саны 7,6%дан 5,8%га чейин кыскарды. Медициналык институттардын квалификациясын жогорулатуу программасына жогорку тобокелдик менен кош бойлуулукту кабыл алуу боюнча окуу модулу киргизилген. Биринчи Улуттук перинаталдык борбордун клиникалык персоналы үчүн 50 кызматтык нускама, ошондой эле медициналык персоналды жалдоо жана тандоо боюнча Колдонмо иштелип чыкты.

**1 202** акушер Коопсуз төрөт мобилдик колдонмосун пайдаланат

**75** акушер кечиктирилгис акушердик жардам көрсөтүү боюнча окутулду

**13** Саламаттык сактоо уюму Кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатын жакшыртуунун Жылдык планын бекитти



## Ийгиликтин тарыхы: акушерлердин санариптик жардамчысы



«Смартфондор үчүн «Коопсуз төрөт» (Safe Delivery) колдонмосу жөнүндө мен 2019-жылы тренинг учурунда билдим», – дейт Гүлбүбү Бектурсунова, Талас облусунын Кара-Буура аймактык ооруканасынын 25 жылдык иш стажысы бар улук акушери. – «Мен дароо кызыгып калдым. Ал абдан ыңгайлуу – анда практикалык процедураларга, иш-аракеттер алгоритмдерине жана дары каражаттарына бөлүнгөн темалар боюнча бөлүмдөр бар. Ал интернетсиз иштейт!».

Мобилдик колдонмо адистерге жардам берет, анткени райондун аймагына, калктын санына жана айылдардын аймактык ооруканадан алыстыгына жараша өзүнүн филиалдары бар, анда дарыгерсиз акушерлер иштейт. Иш тажрыйбасы, өзгөчө татаал учурларда анча көп эмес иштегендер аз эмес, анткени филиалдарда кадимки төрөттөр гана жүргүзүлөт. Кандайдыр бир тоскоолдуктар келип чыкканда аял аймактык же облустук ооруканага жөнөтүлөт. Медиктер колдонмонун жардамы менен энеге жана ымыркайга тез жана сапаттуу жардам көрсөтө алышат. Андан тышкары, аларга аны кантип пайдаланууну үйрөтүшөт. Мисалы, Гүлбүбү жана анын кесиптештери айына бир жолу алыскы айылдарга барып семинар өтүшөт. «Бизге «Коопсуз төрөт» боюнча сабак өткөн жагат, – деп бөлүшөт Гүлбүбү, – анткени анда бардык бөлүмдөр кыргыз жана орус тилдеринде жана алар биздин клиникалык протоколго ыңгайлашкан».





Смартфондор үчүн колдонмо акушерлерге жаңы, базалык кечиктирилгис акушердик жардам жана ымыркайларга жардам көрсөтүү боюнча далилдерге, клиникалык колдонмолорго негизделген түздөн-түз жана тез жетүүнү берет. «Коопсуз төрөт» 40тан ашык өлкөдө диплом алганга чейинки жана алгандан кийинки билим берүүдө окутуунун куралы катары жана эң алыскы региондордогу акушерлер үчүн чөнтөк сурап-билүү катары пайдаланылат. Колдонмо «Материнство» фонду, Копенгаген университети жана Түштүк Дания университети тарабынан иштелип чыккан. GIZ 2019-жылдын майында КР Саламаттык сактоо министрлиги менен биргеликте аны Кыргызстанда пайдаланууга ыңгайлаштырган.

## Кыргызстандагы «BACKUP Саламаттык сактоо»

«BACKUP Саламаттык сактоо» глобалдык программасы СПИД, кургак учук жана безгек менен күрөшүү үчүн Глобалдык фонд тарабынан каржылануучу программаларды кыйла натыйжалуу жүзөгө ашырууну колдойт. Ал фонддун гранттарынын натыйжалуу пайдаланылышын шарттайт, ал максаттуу топторго багытталган жана саламаттык сактоо системасын бекемдейт. 2002-жылдан 2020-жылга чейинки мезгилде BACKUP болжол менен 90 өлкөдөгү өкмөттүк өнөктөштөргө жана жарандык коомдогу өнөктөштөргө 600 ашык чаралардын жардамы менен колдоо көрсөттү. Экономикалык кызматташтык жана Германияны өнүктүрүү федералдык министрлигинин (BMZ) тапшырмасы менен төрт өлкөнү персоналы менен тандап алды: Камерун, Кыргызстан, Малави жана Нигерия. 2013-жылдан тартып ал Швейцария өнүктүрүү жана кызматташтык боюнча агенттиги тарабынан каржыланып келет.



Программа кызматташуу боюнча өнөктөштөргө негизинен иштин үч жаатында колдоо көрсөтөт: 1) өлкөнүн координациялык комитеттерин башкаруу жана аларды саламаттык сактоо секторунда координациялоо, 2) Саламаттык сактоо системасын бекемдөө үчүн Глобалдык фонддун гранттарын пайдалануу, 3) Глобалдык фонддун гранттарын алуучулардын башкаруучулук потенциалы. «BACKUP Саламаттык сактоо» тарабынан көрсөтүлүүчү кызматтар иш сапарга жөнөтүлгөн эксперттердин кыска мөөнөттүү консультацияларынан тартып, бир жылдан эки жылга чейинки мезгилге эсептелген өкмөттүк жана бейөкмөт уюмдардын катышуусу менен долбоорго чейин өзгөрүп турат. Кыргызстандын, Тажикстандын жана Өзбекстандын уюмдары иштин үч жаатында кыска мөөнөттүү жана узак мөөнөттүү өтүнмөлөрдү беришкен жана аны алышкан. Кыргызстанда 214 адам 2019-жылы BACKUP тарабынан колдоого алынган жол-жоболорго жана процесстерге түздөн-түз катышышкан.



2020-жылы COVID-19 пандемиясы мезгилинде «BACKUP Саламаттык сактоо» долбоору Кыргызстанга Улуттук референс – лаборатория жабдууларын жана ПЧР-тест жүргүзүү үчүн материалдарды берген. Камалгандардын арасында профилактиканы жакшыртуу жана инфекцияны контролдоо үчүн 11 түрмөгө 20 тонна гигиеналык каражаттар жана колкаптар берилген.








## Айлана-чөйрө жана табигый ресурстар



## Жаңгак-мөмө токойлорду жана жайыттарды башкарууга жергиликтүү жамааттарды катыштыруу аркылуу биологиялык ар түрдүүлүктү сактоо жана жакырчылыкты кыскартуу

Кыргызстан дүйнөдө ири реликтилик (байыркы доордон сакталып калган) жаңгак токоюнун мекени болуп саналат. 45 000 га Жалал-Абад областынын Арстанбап айылынын айланасында өсөт жана жылына 1000–1500 жакын тонна грек жаңгагынын түшүмүн берет. Мында 400 000 ашык адам жашайт, алар негизги кирешени грек жаңгагын жана жапайы өскөн жер-жемиштерди чогултуудан жана сатуудан алышат, алардын айрымдары мал багуу менен дагы алектенишет. Баалоо боюнча 70% жакын жайыттар жана токойлор талаптагыдай эмес башкаруудан улам акырындап тукулжуроодо. Токой чарбалары туруктуу жана жаңы мамилелерди киргизүүнүн үстүндө калк менен иштеп жатышат.



GIZ 2018-жылдан тартып Экономикалык кызматташтык жана Германияны өнүктүрүү федералдык министрлигинин тапшырмасы боюнча жана Айлана-чөйрөнү коргоо жана токой чарбасы мамлекеттик агенттиги менен тыгыз кызматташтыкта «Жаңгак-мөмө токойлорду жана жайыттарды башкарууга жергиликтүү жамааттарды катыштыруу аркылуу биологиялык ар түрдүүлүктү сактоо жана жакырчылыкты кыскартуу» кыргыз-герман долбоорун ишке ашырат. Долбоор токойлорду туруктуу башкаруу жана жайыттарды комплекстүү башкаруу планын колдоого алат. Биз чечимдерди кабыл алуу процесстеринде аялдардын укуктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүгө жана 2021-жылдан тартып – санариптештирүүгө, институтташтырууга жана мезгилдик тажрыйбаны жайылтууга өзгөчө көңүл бурабыз.

Бул долбоордук иш өлкөдө «жашыл» экономикага акырындык менен өтүүгө, биоартүрдүүлүктү сактоого, айыл калкынын кирешелерин көбөйтүүгө жана климаттык өзгөрүүгө ыңгайланышууга жардам көрсөтүүгө өбөлгө түзөт. Долбоор инклюзивдик мамилелерди пайдаланат жана 1 ТӨМ «Жакырчылыкты жоюуну», 2 ТӨМ «Ачкачылыкты жеңүүнү», 4 ТӨМ «Сапаттуу билимди», 8 ТӨМ «Татыктуу жумуш жана экономикалык өсүүнү», 13 ТӨМ «Климаттык өзгөрүү менен күрөшүүнү» жана 15 ТӨМ «Жердин үстүндөгү жашоону» ишке ашырууну колдоого алат.

Өткөн жылдары долбоордун алкагында жерлерди пайдалануу боюнча үч жаңы чара киргизилген жана 7 770 га жаңгак токойлорун жана жайыттарды туруктуу аткарууга жардам көрсөтүлгөн. 1 621 ашык жер пайдалануучулар бул процесске тартылган. Бул жаңы моделдер андан кийин улуттук ченемдик-укуктук базага киргизилген. Биз ошондой эле бүткүл өлкө боюнча мезгилдик тажрыйбаны киргизүүгө жардам бердик жана ушул чөйрөдөгү саясатты иштеп чыгуу маселелери боюнча сүйлөшүүгө терең колдоо көрсөттүк. Долбоорго ылайык «жапайы өскөн грек жаңгактарынын данеги» термини эми БУУнун Европа экономикалык комиссиясынын (БУУнун ЕЭК) грек жаңгактары үчүн DDP-02 эл аралык стандарттарына киргизилген. Бул ошондой эле Кыргызстанда жапайы өскөн грек жаңгактарын экспорттоонун көлөмүнүн өсүшүн шарттайт.


39 га тосулган жаңгак жана жер-жемиш плантациялары

1 621 жер пайдалануучулар туруктуу мамилелерди пайдаланышат

жерлерди пайдалануу боюнча 3 жаңы чаралар 7 770 га жерде ишке киргизилди



## Ийгиликтин тарыхы: бакубаттуулукту жакшыртуу үчүн токойлорду башкаруу



Кызыл-Үңкүр, Жалал-Абад областынын анча чоң эмес айылы, керемет жаңгак өстүрүүчү токойлор менен курчалган. Алардын жалпы аянты 520 км² түзөт. Жашоочулар үчүн жашоо каражаттарынын негизги булактары мал чарбачылыгы жана өстүрүү болуп саналат. Бул өлкөнүн бардык региондору үчүн мүнөздүү. Көптөгөн айылдарда, өзгөчө акыркы жылдары ири жана майда мүйүздүү малдардын жалпы саны көбөйүүдө. Мал жайыттарынын дайыма начар контролдонуусунан улам токойлордун тукулжурашы күчөдү, анткени малдар жаш бутактарды жана көчөттөрдү жок кылышат. Ошону менен бирге калк бак-дарактарды отунга деп үзгүлтүксүз кыйышат жана жаңгактарды жерге өсүүгө калтырбастан бардыгын чогултуп кетишет.

Натыйжада токой калыбына келүүсүн токтотот жана тез картаят. Эгерде бул тенденция улана берсе, токой толугу менен жок болуу коркунучуна кабылат. Мындай кесепеттен качуу максатында Кыргызстандын Өкмөтү жаңгак өсүмдүктөрүн өнүктүрүү боюнча мамлекеттик программаны ишке киргизди, анын алкагында биоартүрдүүлүктү сактоо боюнча эл аралык долбоорлордун колдоосу менен токой чарбалары токойлорго коомдук башкарууну киргизип баштаган. 2007-жылдан тартып түшүм берүүчү токой тилкелери бир гектары орточо 1 000 сомго (15 АКШ долларына) фермерлерге ижарага берилет. Фермерлер аларга кам көрүүгө жана токойду калыбына келтирүүгө милдеттендирилет. Анын ордуна алар жаңгактарды, жапайы өскөн бактарды, козу карындарды, дары өсүмдүктөрүн чогултушат, малдарга тоютка чөптөрдү даярдашат. Жаңгактарды чогултуу жана сатуу жылына 1000 долларга жакын өлчөмдө жакшы киреше алып келет, кээде андан көп, анткени бир гектар токой 500 кг жаңгакты бере алат. Токойчулар ижарага берилген тилкелерге үзгүлтүксүз катташат жана аларды пайдаланууну контролдошот. Эгерде келишимдин шарттары бузулса, токой чарбасы аны токтотууга укуктуу.



Жергиликтүү фермерлердин бири Эркинбек Бакиров жаңы мамилеге кызыгуусу арткан жана 2016-жылы Көк-Ой токой чарбасында Ак-Бартым капчыгайынан 5 гектар аянт токой тилкесин ижаралаган. Ал агротокойчулук ыкмаларын пайдалануу менен бадалдардын арасында грек жаңгагынын көчөттөрүн отургузган, мында үй жаныбарларынын отоосунан жана тебелеп-тепсөөсүнөн сактайт. Бул ыкма жакшы натыйжаларды



көрсөтөт – эки жылда 90% көчөттөр тамыр алды. «Азыр бул аянтта 450 алманын көчөтү, 300 бадамдын көчөтү, 450 жаңгактын көчөтү, 200 алмуруттун көчөтү отургузулган, – дейт Эркинбек. – GIZ долбоорунун натыйжасында тилкенин бардык жагын узатасынан тосуу үчүн 1 150 метр тикенектүү зым жана туурасынан коюучу профилди алдым. Биз бардык аймакты жаптык, ошону менен үй жаныбарларынан көчөттөрдү коопсуз кылдык». Долбоор тосуу үчүн зарыл болгон материалдарды берет, ал эми фермерлер жылына бир жолу алынган материалдардын 6/1 бөлүгүн артка кайтарат. Андан соң токой чарбасы кайтарылган каражаттарды башка фермерлерге, аларды да токой ресурстарын натыйжалуу башкарууга тартуу үчүн материалдарды алууга багыттайт. Мындай кайтарууларга ылайык, жыл сайын 10 га чейин жаңы тилкелери түзүлөт.

Бакиров жана токой чарба аймагындагы башка көптөгөн жашоочулар токой ресурстарына керектөөчүлүк мамилелерин өзгөртүштү жана аларды калыбына келтирүүгө күч жумшап башташты. GIZ бак-дарактарды өстүрүү жана аларга туура кам көрүү боюнча, жыгач эмес токой азыктарын чогултуу жана даярдоо боюнча, органикалык продукциялардын жана «Fair trade» Адилеттүү соодалнын стандарттары боюнча грек жаңгагын сертификациялоо боюнча атайын окутууну семинарларды үзгүлтүксүз өткөрүү менен буга жардам берет. Токой чарба кызматкерлери ошондой эле токойлорду жана жайыттарды башкаруунун комплекстүү пландарын иштеп чыгуу жана салык маселелери боюнча окутуудан өтүшөт. GIZ жергиликтүү токой пайдалануучуларын колдоо жана балдарды жана жаштарды окутуудан тартып мыйзамдардагы маселелер боюнча саясий өнөктөштөргө консультация берүүгө чейинки бардык деңгээлдерди камтыйт.







## Борбордук Азияда экономикалык өнүктүрүү үчүн климаттык өзгөрүүнү эске алуу менен жерлерди туруктуу пайдалануу

Кыргызстандын жалпы аянты – 19,9 млн гектар. Жайыттар жана көк чөптүү аянттар 85% ээлейт. Өлкөнүн аймагы 5,6% жакынын ээлейт. Калктын жарымынан көбү айыл жеринде жашашат жана жайыттар менен токойлор аларга маанилүү жана көбүнчө кирешенин жалгыз булагы болуп саналат. Мында жашоочулар жерлерди туруктуу пайдалануу стратегияларын жана мамилелерин колдонууну иш жүзүндө билишпейт. Анын натыйжасында жерлер тукулжурайт, ал эми табият өзүнүн биоартүрдүүлүгүн жоготот. Бул өз кезегинде айыл жергесинде жакырчылыкты күчөтөт.

Кыргызстандын Өкмөтү экологиялык көйгөйлөрдүн маанилүүлүгүн түшүнөт, бирок бул маселелерди чечүү үчүн ресурстары жана мүмкүнчүлүктөрү чектелген. GIZ Борбордук Азияда экономикалык өнүктүрүү үчүн климаттык өзгөрүүнү эске алуу менен жерди туруктуу пайдалануу боюнча программа аркылуу колдоо көрсөтөт. Программа Экономикалык кызматташтык жана Германияны өнүктүрүү федералдык министрлигинин (BMZ) тапшырмасы менен региондун беш өлкөсүнүн бардыгында жүзөгө ашырылат. Ал 15 ТӨМ «Жердин үстүндөгү жашоо», 2 ТӨМ «Жакырчылыкты жоюу» жана 13 ТӨМ «Климаттык өзгөрүү менен күрөш».



Мамлекеттик өнөктөш уюмдар, калк жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен биргеликте биз токойлорду коргоо жана туруктуу пайдалануу үчүн комплекстүү мамилелерге ылайыкташкан, ага таандык шарттарды иштеп чыктык жана ишке киргиздик. Алардын максаты начарланууну жана бул ресурстардын акырындап жок болушун токтотуу гана эмес, адамдардын жашоо шарттарын жакшыртуу да болуп саналат. Анткени табияттын саясий чек арасы жок, айлана-чөйрөнүн тукулжурашы бир аймактан экинчисине таасир этет. Ошондуктан трансчекаралык кызматташтык жана региондук өнөктөштүк үчүн тармак аралык жана эл аралык сүйлөшүүгө активдүү өбөлгө түзөт.

Дүйнөлүк банк, биздин тажрыйбаны пайдалануу менен жана биздин колдообуз менен токой экосистемасын комплекстүү башкаруу боюнча долбоорду ишке киргизген. Андан тышкары, биз жерди пайдалануу боюнча 4 кодекске жана 5 мыйзамга 27 түзөтүүлөрдү иштеп чыгууга жардам бердик жана аз түшүмдүү жерлердин абалын жакшыртууга инвестицияларды тартуу үчүн мыйзамдарга өзгөртүү киргизүүгө көмөк көрсөттүк.

Региондун бардык беш өлкөсүндө алынган тажрыйбаны пайдалануу менен «Жерлерди пайдаланууну комплекстүү башкаруу мамилелери» (ILUMA) стратегиясын иштеп чыктык. Кийинки «Борбордук Азиядагы климаттык өзгөрүүнү эске алуу менен жерлерди комплекстүү пайдалануу» программасында (2021-2024) негизги көңүл мамилелерди чыңдоого бурулган.

123 805 адам токойлорду туруктуу башкаруу артыкчылыктарын пайдаланышат

балдар үчүн кыргыз жана орус тилдеринде 10 интерактивдүү телепрограммалар

мамлекеттик жана мамлекеттик эмес өнөктөш уюмдардын 122 өкүлү токойлорду башкаруу жаатында өз потенциалын жогорулатышты

## Ийгиликтин тарыхы: таштуу кыртыштагы түшүмдүү бак-дарактар

Канат Жантаев 2010-жылдан 2018-жылга чейин Ысык-Көл областынын Балыкчы токой чарбасынын директору болуп иштеген жана токойлордун тосулган аймактарын көбөйтүүнүн маанилүүлүгүн андан жакшы түшүнгөн киши жок. Токой чарбасынын жерлери кургак, кумдуу ээн талаа болуп саналат, сугат инфратүзүмү жок, демек, суу ресурстарына жетүү абдан чектелүү. Жантаев аны бул кызматка которгондо, иштеп кетерин же дароо кетип каларын дээрлик үч ай бою ойлонгон. Буга чейин ал карагай токойлорун башкарган, бул жер болсо иш жүзүндө кургак аймак эле. «Бул мен үчүн сокку болду», – деп эскерет Жантаев. Бирок ал иштеш үчүн калган жана бир нече жылда Балыкчы токой чарбасын үлгүлүү көрсөткүчкө айланткан. Ишкана өлкөдө алты чарбанын катарына кирген, Кыргызстандын Өкмөтүнүн чечими боюнча жана ар түрдүү эл аралык уюмдардын колдоосу менен беш жылдын ичинде токой реформасын пилоттоо жүргүзүлгөн. GIZ пилоттоо процессине активдүү көмөктөшкөн жана токой чарба ишине жергиликтүү калкты өзүнө тартууну камтыган ресурстарды башкаруу боюнча жаңы мамилелерди апробациялоону колдоого алган.



Жаңы ыкмалар дароо жашоочулардын колдоосуна ээ боло койгон жок, токой чарбасынын кызматкерлерине бул иштин бардык тараптар үчүн пайдалуулугу жөнүндө элге көп жолу түшүндүрүүгө жана ишендирүүгө туура келди. Бирок, убакыттын өтүшү менен жашоочулар токой жерлерин башкаруунун биргелешкен пландарын иштеп чыгууга жана ишке ашырууга тартыла башташты.

Балыкчы токой чарбасынын ишинин негизги артыкчылыктарынын бири жер-жемиш бакчасын жана кургак, аз түшүмдүү аймактарга тез өсүүчү бак-дарактардын плантацияларын отургузуу тандалып алынган. Жергиликтүү калкка токой фондунун ээн жаткан тилкелерин ижарага берүү жолу менен Жантаев 400 миң доллардан ашык тышкы, ал эми жергиликтүү 2 миллион доллардан ашык инвестицияларды тарта алган. Ишкерлер жана ижарачылар өздөрүнүн эмгектерин, капиталдарын салышкан. «7-8 жыл мурда эле Ысык-Көлдүн айланасында мындай активдүү отургузуулар жок эле, – деп эскерет, – бүгүн болсо көпчүлүк катышууда. Адамдар жер-жемиш бакчаларын өстүрүү кааттчылыктан чыгууга мүмкүнчүлүк экендигин түшүнүп башташты».







2019-жылы мамлекеттик токой фондунун аз түшүмдүү, кургак тилкелеринде 500 га ашык жер-жемиш бакчалары отургузулган. Алар 250 – 300 үй чарбасына таандык, алар бак-дарактарды сугаруу жана кам көрүү үчүн адамдарды жалдашат, ал эми түшүмдү чогултуу мезгилинде жалданууч кызматчылар көбүрөөк болот. Бир үй-бүлө күнүнө орточо 500дөн 1 500 сомго чейин иштеп табышат. Бул калктын дээрлик алтынчы бөлүгү өтө жакырчылыкта (алардын ичинен дээрлик 70% – айыл жашоочулары) жашаган өлкөдө үй-бүлөлүк бюджет үчүн абдан жакшы толуктоо.

Жакшы сапаттуу бакча болушу үчүн климатка ылайык жогорку сорттогу туруктуу көчөттөр керек. Балыкчы токой чарбасы алманын сортторун жана башка жер-жемиштин түрлөрүн өстүрүү, өрчүтүү, көбөйтүү менен иштейт. Муну менен токой чарбасы жергиликтүү жашоочуларды жыгач чийки заттары, отун, курулуш жыгачтары менен камсыз кылуу үчүн теректерди жана башка түрлөрүнүн тез өсүүчү өндүрүштүк плантацияларын отургузуу үчүн да шарттарды түзөт.

Мындай чара ар түрдүү муктаждыктар үчүн бак-дарактарды контролсуз кыюуну токтотууга өбөлгө түзөт. GIZ 50 га ашык жерге тез өсүүчү плантацияларды отургузууга жардамдашты. Жантаев Балыкчыда алар токой чарбасынын киреше алып келүүчү жаңы объекттери аркылуу иш менен камсыздоонун социалдык көйгөйлөрүн чечүү менен токой аймактарын биргелешип башкаруунун жакшы моделин түзө алышты. Ошол эле убакта алар айлана-чөйрөнүн абалын жакшырта алышты жана таштуу ээн жер жашыл көк жайыкка айланды.

Токой ресурстарын биргелешип башкаруунун ар бир катышуучусу маанилүү ролду ойнойт. Мамлекет финансылык ресурстарга ээ болбостон, GIZтин колдоосунда ченемдик-укуктук базаны жана мындай демилгелерди ишке ашыруу үчүн зарыл болгон шарттарды түзөт. Токой чарбалары фермерлер менен кызматташуу аркылуу аларды тарта алышты жана жаңы ыкмаларды ийгиликтүү пайдалануунун үлгүлүү тажрыйбасын түзө алышты.

GIZ токой чарба кызматкерлерин окутат, техникалык каражаттарды жана жабдууларды берет. Натыйжада, Жантаевдин айтымында, жакынкы келечекте бүткүл өлкө боюнча токой чарбалары өзүн-өзү каржылоого багыт алышы мүмкүн, анткени туруктуу, экономикалык, уюштуруучулук моделдер үчүн база тестирленди.



## Казакстандын жана Кыргызстандын чек араларындагы райондордо пилоттук токой өстүрүү жана тукулжураган токой аянттарын калыбына келтирүү



Борбордук Азия өлкөлөрүндө «Бонн чакырыгынын» алкагында токойлорду коргоо жана калыбына келтирүү милдеттендирилген: Казакстан – 1 500 000 гектар, Кыргызстан – 320 000, Тажикстан – 66 000 жана Өзбекстан – 500 000. «Бонн чакырыгы» 2020-жылы тукулжураган жана суюлган токойдогу 150 миллион гектар жерлерди жана 2030-жылга 350 миллион гектар жерлерди калыбына келтирүү боюнча глобалдык шарттар катары 2011-жылы демилгеленген.

«Казакстандын жана Кыргызстандын чек арасындагы райондордо пилоттук токой өстүрүү жана тукулжураган токой аянттарын калыбына келтирүү» долбоору токой өстүрүүнүн экономикалык жашоого жөндөмдүү концепциясын иштеп чыгууга жана эки өлкөнүн жергиликтүү шарттарын эске алуучу токой ландшафттарын калыбына келтирүүгө багытталган. Баштапкы этапта долбоор акыркы 40-70 жылдарда токойдун үстүңкү өзгөрүүлөрүн спутниктен сүрөткө тартууларга талдоо жүргүзүлдү. Бул Кыргызстандын жана Казакстандын чек ара региондорундагы тукулжураган аймактарды аныктоого мүмкүндүк берет.

Кийинки этапта улуттук өнөктөш уюмдардын жетекчилиги менен биз эки өлкөнүн жергиликтүү шарттарын, улуттук саясатын, ошондой эле процесске катышкан жергиликтүү кызыкдар тараптардын кызыкчылыктарын эске алуу менен, токой өстүрүү жана токойду калыбына келтирүү үчүн беш пилоттук тилкелерди аныктайбыз.



Долбоордун жүрүшүндө иштелип чыккан жана тестирленген методология – токойду калыбына келтирүү үчүн потенциалдуу аймактарды аныктоо системасы – Кыргызстандын жана Казакстандын өкмөттөрүнө “Бонн чакырыгы” эл аралык демилгесинин алкагында өз милдеттерин аткарууга жардам берет.






## Тажикстандын жана Кыргызстандын айыл жергесиндеги климаттык өзгөрүүгө технологиялык ыңгайланышы

Климаттык өзгөрүү Борбордук Азиядагы эки кедей өлкөгө Тажикстанга жана Кыргызстанга олуттуу таасир тийгизет. Жерлердин тукулжурашынын жана токойлордун жок болушунун ылдамдашы айыл калкынын климаттык өзгөрүүгө аярлуулугун күчөтөт. Иш жүзүндөгү маалыматтарга негизделген пландоо жаратылыш кырсыктарынын кооптуулугун жумшартууга жана тийиштүү чараларды көрүүгө жардам берет. Мамлекеттик органдар тоолуу региондор үчүн ыңгайлашуунун натыйжалуу чараларын пландоону каалайт, бирок учурдагы баштапкы маалыматтар жетишсиз. Аларга геомаалыматтарды иштеп чыгуу жана аларды тийиштүү органдарга берүү үчүн климаттык геомейкиндик маалыматтар жана жаңы технологиялар жетишпейт.



2019-жылы Экономикалык кызматташтык жана Германияны өнүктүрүү федералдык министрлиги (BMZ) GIZке өнөктөш уюмдардын технологиялык потенциалын чыңдоону жана климаттык өзгөрүүгө ыңгайлашуу боюнча пландоону жакшыртууну тапшырган. Биз «Тажикстандын жана Кыргызстандын айыл жергесинде климаттык өзгөрүүгө технологиялык ыңгайланышы» долбоорунун алкагында, геомейкиндик маалыматтарын чогултууну, баалоону жана пайдаланууну камсыз кылуу үчүн геомейкиндик маалыматтарынын улуттук инфратүзүмүн түзүүнүн үстүндө иштейбиз. Бийлик натыйжалуу пландоо үчүн кеңири жогорку сапаттуу жана актуалдуу картографиялык маалыматтарга жетүүгө мутаж. Бул маалымат ар түрдүү мамлекеттик мекемелерде бар жана бардык кызыкдар тараптарга веб-платформада жана спутник сүрөттөргө же мейкиндик моделдөөгө негизделген жаңы тематикалык карта түрүндө жеткиликтүү. Биз ыңгайлашууга план түзүүдө жакшыртылган баштапкы маалыматтарды пайдаланууга жана айылдарга бул пландарды киргизүүгө жардам беребиз.

Долбоор 13 ТӨМ «Климаттык өзгөрүү менен күрөшүүгө» жана 15 ТӨМ «Жердин үстүндөгү жашоого» жетүүгө өбөлгө түзөт.



## Жашыл Борбордук Азия: Борбордук Азиядагы жана Афганистандагы климат, айлана-чөйрө жана коопсуздук маселелери боюнча трансчекаралык сүйлөшүү

Германия Федеративдик Республикасы Борбордук Азия өлкөлөрүндө региондук кызматташтыкты чыңдоону узак жылдар бою активдүү колдоого алат. Он жылдан ашык ал «Берлин процессинин» уюштуруучусу болуп саналат, мында Казакстандын, Тажикстандын, Түркмөнстандын жана Өзбекстандын ортосундагы суу ресурстарын трансчекаралык башкарууга негизги көңүл бурулат. Региондо туруктуулукту камсыз кылууда жана мөңгүлөргө жана табигый ресурстарга климаттык өзгөрүү таасирлерин жумшартууда гана азык-түлүк коопсуздугуна, сууга жетүүнү жакшыртууга жана калк үчүн кыйла жакшы жашоо шарттарын түзүүгө болот.



Германиянын тышкы иштер министрлиги 2020-жылдын январында Берлинде региондун өлкөлөрүнүн тышкы иштер министрлеринин катышуусу менен болгон конференцияда «Жашыл Борбордук Азия» демилгеси менен чыгып сүйлөгөн. Ал айлана-чөйрөнүн көйгөйлөрүн, климаттык өзгөрүү жана суу ресурстарын чечүүгө багытталган жана БУУнун алкагында, ошондой эле 2019-жылдын июнунда кабыл алынган Европа биримдигинин Борбордук Азия Стратегиясынын алкагында климаттык өзгөрүү жана коопсуздук жаатындагы Германиянын ишинин бир бөлүгү болуп саналат. Министрлер демилгеге карата кызматташууга жана сүйлөшүүгө даяр экендиктерин билдирүү менен оң жоопторун кайтарышты. Кызматташуу географиясы Афганистанды киргизүүнүн натыйжасында кеңейтилди.

«Жашыл Борбордук Азия» программасынын максаты катышуучу өлкөлөр климаттык өзгөрүүнүн кесепеттерин кыйла тагыраак баалашы жана алдын ала чараларды көрүшү үчүн маалыматтарга жана тобокелдиктерди баалоого жетүүнү жакшыртуу болуп саналат.

Жакшы жолго коюлган жана илимий негизделген саясий сүйлөшүү өлкөлөрдүн ортосундагы мамилелерди чыңдоого өбөлгө түзө алат. Илимий колдоо Потсдам климаттык таасирлерди изилдөө институту (PIK), Потсдамдагы Гельмголбц атындагы Борбор – Потсдам Жер жөнүндө илим борбору (GFZ), Казак-немец университети (КНУ) тарабынан көрсөтүлөт.

Андан тышкары, «Жашыл Борбордук Азия» климат жана суу дипломатия маселелери менен иштеген эл аралык уюмдар менен кызматташат. Негизги өнөктөштөр - БУУнун Европа экономикалык комиссиясы, Европа биргиги, Швейцариянын Тышкы иштер министрлигинин «Көгүлтүр тынчтык демилгеси», Эл аралык табиятты коргоо биргиги жана Борбордук Азия региондук экологиялык борбору. Алты өнөктөш өлкөлөр менен тыгыз кызматташууда 2021–2024-жж. мезгилинде биргелешкен иш-аракеттер планы иштелип чыкты. Демилге айлана-чөйрө, климаттын өзгөрүү туруктуулугу жана суу ресурстары маселелери боюнча жалпыга маалымдоо каражаттары жана социалдык медиа менен иштешүү аркылуу өзүнүн саясий сүйлөшүүлөрүн толуктайт.






## Укуктун үстөмдүгүн чыңдоого көмөктөшүү



## Борбордук Азиядагы укуктун үстөмдүгүн чыңдоого көмөктөшүү

Укуктун үстөмдүгүнө жана адам укуктарын толук коргоого багытталган, мамлекеттик башкаруу системасы менен өнүгүп жаткан экономика укуктук аныктуулукту жана сот системасына ишенимди талап кылат. Бирок Европа биримдигинин эл аралык практикасына жана стандарттарына ылайык келсе дагы, мыйзамды жөн эле кабыл алып коюу жетишсиз. Мыйзамдар коомчулук үчүн түшүнүктүү болууга, укук жаатындагы кесипкөйлөр тарабынан талаптагыдай колдонулууга жана натыйжалуу аткарылууга тийиш. Ошентип, укуктун үстөмдүгүн чыңдоого көмөктөшүү боюнча региондук программа Борбордук Азия өлкөлөрүн укуктук жана сот секторлорун реформалоону колдоого алат. Ал Кыргызстандын өкмөтүнө административдик укук жаатындагы укуктук реформа боюнча консультациялык колдоону сунуштайт. Андан тышкары, сотторду, юристтерди жана мамлекеттик кызматкерлерди окутууну, анын ичинде атайын адабияттарды жарыялоого жана соттун чечимдерин жайылтууга колдоо көрсөтүүнү да камсыз кылат. Андан тышкары, программанын эксперттери Борбордук Азияда, ошондой эле Европада жана Көз карандысыз Мамлекеттердин Шериктештигинде юридикалык байланыштарды жолго коюуга жардам беришет.



Кыргызстанда региондук программанын ажырагыс бөлүгү болуп ЕБ жана Экономикалык кызматташтык жана Германиянын өнүктүрүү федералдык министрлиги тарабынан каржылануучу «Кыргыз Республикасындагы укуктун үстөмдүгү 2-фаза» Программасы саналат. Анын максаты сот адилеттигин аткарууну жакшыртуу жана мыйзамдын үстөмдүгүн камсыз кылуу менен бекемделет; ал ошондой эле мыйзам процессин модернизациялоого жана сот органдарынын жана прокуратура органдарынын ишин жакшыртууга көмөктөшөт. GIZ ЕБ мүчө мамлекеттердин уюмдарынын консорциумунун колдоосунда программаны ишке ашырат. Укуктун бир нече жаатында эксперттик колдоо көрсөтүүдөн тышкары, программа мыйзамдарды иштеп чыгууда, соттук териштирүүлөрдү жана соттук куугунтуктоону башкарууда жана өлкөдө акысыз юридикалык жардамдын түзүмүн бекемдөөдө жарандарга багытталган жана адам укуктарына негизделген электрондук мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдү өнүктүрүүнү колдоого алат.



571 сот жана прокурор коррупциялык кылмыштар жөнүндө ишти жүргүзүү боюнча окутулду

Адвокаттар үчүн гендердик кылмыштардын курмандыктарына юридикалык кызматтарды көрсөтүү боюнча 240 тренинг

Кыргызстанда, Өзбекстанда жана Түркмөнстанда Жол-жоболоштуруу административдик ченемдик-укуктук актылар жана административдик процесс жөнүндө 3 мыйзам

Долбоорлорду коомдук талкуулоо үчүн 1 санариптик платформа

Борбордук Азия өлкөлөрүнүн эксперттеринин негизги юридикалык темалар боюнча 10 жылдык жыйнагы жана журналдары



## Ийгиликтин тарыхы: аял адвокаттар Кыргызстанда гендердик кылмыштардын курмандыктарын коргошот



Улуттук статистикалык комитетинин Саламаттык сактоо министрлиги менен биргеликте өткөргөн медициналык-демографиялык изилдөөлөрүнүн маалыматтары боюнча 15–49 жаш курагындагы ар бир төртүнчү аял 15 жаштан тартып жок дегенде бир жолу дене-бой зомбулугун башынан өткөрүшкөн. 4% сексуалдык зомбулукту, ал эми 14% азыркы же мурдагы күйөөсү (өнөктөшү) тарабынан келтирилген эмоционалдык зомбулукту башынан өткөргөн. Көпчүлүк учурларда аялдар өздөрүн коргоо үчүн юристтерге кайрылышпайт, мындай болсо дагы күнөөлүүлөр жазадан кутулуп кетишет, анын ичинде адвокаттардын компетентсиздигинен улам. Курмандыктарды жана зомбулуктан жабыр тарткан аялдарды коргоо темасы курч бойдон калууда.

Зарина Батыркулова Бишкекте жеке адвокат болуп иштейт. Ал өлкөнүн бардык региондорундагы башка 13 адвокат менен бирге гендердик зомбулуктун курмандыктарына натыйжалуу юридикалык жардам көрсөтүүдө квалификацияны жогорулатуу боюнча тренингге катышкан. Тренинг 2019-жылы GIZ тарабынан «Сот аялдардын кыргыз ассоциациясы» КБ менен биргеликте өткөрүлгөн. Катышуучулардын жарымынан көпчүлүгү өз практикасында ар түрдүү кылмыштарга айыпталгандардын кызыкчылыктарын коргошкон. Семинар аларга гендердик зомбулуктан жабыр тарткандар менен өз ара аракеттенүүнүн өзгөчөлүктөрү жөнүндө билүүгө жана сотко чейинки стадияда жана сот процесси учурунда адвокаттардын иш-аракеттерин жакшы түшүнүүгө жардам берди. Алардын көпчүлүгү, мисалы, курмандыктарга өтө камкордук жана түшүнүү менен мамиле кылуу керектигин билишкен эмес. Окуу аяктагандан кийин көпчүлүгү алган билимдери аларга жабырлануучулардын укуктарын жана кызыкчылыктарын сабаттуу коргоого жардам берерин белгилешти.





Зарина өзү көп жаңы нерсени, сурамжылоо кантип өткөрүлөрүн, курмандыктын абалынын психологиялык өзгөчөлүктөрүн кантип эске алуу керектигин үйрөнгөнүн айтат. Бул билимдер ага практикада жакшы жардам берет. Тренинг ушунчалык пайдалуу болгондуктан, эми ал тренер катары башкаларга билимин бөлүшүүдө. «Мен дагы өз салымымды кошом деп ойлойм, – деп сыймыктанат Зарина. – Мындай семинарлардан кийин биздин адвокаттар жана юристтер гендердик аспекттерди бир кыйла кылдат эске алышат». Ал өзүнүн аракети жана өз милдеттерин квалификациялуу аткарган башка юристтердин аракеттери Кыргызстандагы гендердик зомбулукту жок кыларына абдан ишенет.



# Туруктуу өнүктүрүү үчүн Күн тартиби 2030



## Туруктуу өнүктүрүү үчүн Күн тартиби 2030

Туруктуу өнүктүрүү, жакырчылыкты кыскартуу жана климат жаатындагы саясат 2030-жылга чейинки мезгилдеги Күн тартиби менен ажырагыс байланышта. Ал 2015-жылы БУУнун бардык мүчө мамлекеттери тарабынан кабыл алынган, биз жашап жаткан дүйнөнү кайра жаратууга чакырат. Максаты глобалдык экономикалык прогресс менен социалдык адилеттүүлүктү жана табигый ресурстарды жараштыруу. Бул өзүнө ар бирибиздин катышуубузду камсыз кылууну камтыйт. Дал ошондуктан Туруктуу өнүктүрүүнүн 17 максаты коомдун эң алсыз жана аярлуу мүчөлөрүнө багытталган. Өнүгүү жолундагы өлкөлөр, экономикалык өнүгүү жолундагы өлкөлөр жана өнөр жайы өнүккөн өлкөлөр Күн тартибинин ийгилигине өз салымдарын кошууга тийиш.

GIZ үчүн Күн тартиби негизги документ болуп саналат, аны биз өз ишибизде жетекчиликке алабыз жана өнөктөштөр жана тапшырыкчылар менен тыгыз кызматташууда ишке ашырабыз. Ал жана анын 17 максаты маанилүү багыт болуп саналат. Аларды өз ишибизде ишке ашырууну камсыз кылуу үчүн биз беш принципти аныктадык:

| Жалпы жоопкерчилик | Комплекстүү мамилелер | Эч кимди артка калтырбайт | Отчеттуулук | Универсалдуулук |
|---|---|---|---|---|
| Күн тартиби бардык өлкөлөрдө аткарылууда | 17 максат бөлүнгүс жана комплекстүү | Борбордо – колунда жок адамдар | Бардык демилгелер ачык, ал эми натыйжалар анык болууга тийиш | Күн тартиби 2030 кызматташуунун жаңы түшүнүгүнө чакырат |

GIZ Кыргызстан Кыргызстандын Өкмөтүн тиешелүү ТӨМ жетүүнү колдоого алат жана ар түрдүү чараларды ишке ашыруу жолу менен өз салымын кошот.

### Эч кимди артка калтырбоо

Өнүктүрүү максатында кызматташуу майыптыгы бар адамдардын укуктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн бекемдөөгө тийиш. Тең укуктарды камсыз кылуу жакырчылыктын деңгээлин төмөндөтүүгө жардам берет жана бул топ өнүктүрүү процессинен алып салынбаганына кепилдик берет.



Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министрлигинин маалыматы боюнча Кыргызстанда 186 000 майыптыгы бар адам эсептелет. Өлкө 2019-жылы БУУнун майыптардын укуктары жөнүндө Конвенциясын ратификациялаган жана бул маанилүү милдеттенмелерди аткаруу боюнча кадамдарды жасаган. Конвенция социалдык, экономикалык, саясий жана маданий чөйрөлөрдө өзгөчө муктаждыктары бар адамдардын катышуусун камсыз кылууга жана алардын коомдук турмушка бирдей катышуусу үчүн шарттарды түзүүгө чакырат. Бул мамлекет, жеке сектор жана жарандык коом тарабынан биргелешкен күчтөрдү талап кылат. GIZ инклюзивдүүлүктү жана «Эч кимди артка калтырбоо» негизги принцибин илгерилетүү боюнча

кыргыз өнөктөштөрдү колдоого алат. Мисалы, веб-иштеп чыгуу инклюзивдик кыска мөөнөттүү курсту иштеп чыгууда жана «Иш менен камсыз кылууга жана кесиптик окутууга көмөк көрсөтүү» долбоорунун алкагында алты региондо ийгиликтүү сыналууда. GIZ курстун студенттери үчүн жеткиликтүү болушу үчүн өнөктөш университеттердин жайларын жабдыды – пандустарды курду, дааратканаларды жабдыды, эмеректерди берди ж.б. Ошондой эле окуу программаларын иштеп чыгууда Кыргыз Программалык Камсыз кылуулары жана Кызмат көрсөтүүлөрдү Иштеп чыгуучулар Ассоциациясына (КПККИА) жардам көрсөтүлдү. Студенттер жана окутуучулар программалоо тилдери боюнча зарыл болгон окуу материалдарын жана баалуу китептерди алышты. Кыргызстандын бардык регионунан 14 окутуучу (алардын ичинен 7 аял) CSS, HTML, JavaScript, Moodle окутуу боюнча тренингге катышышты. Андан тышкары, GIZ аңгемелешүүнү өткөрүү, таржымал түзүү жана өзүн өзү тааныштыруу көндүмдөрүн жакшыртуу үчүн бүтүрүүчүлөргө устаттык моделди киргизүүгө жардам берди. Ошондой эле аларды штаттан тышкары иштөө мүмкүнчүлүктөрү менен тааныштырды жана веб-иштеп чыгуучулар үчүн маанилүү ролду ойногон сүйлөшүү жана командада иштөө сыяктуу «социалдык көндүмдөрдү» өнүктүрүүгө жардам берди.

Бул курс иш менен камсыз кылуу кызматы жумушсуздарга сунушталган мамлекет тарабынан каржылануучу кыска мөөнөттүү курстардын тизмегине киргизилген. Бүтүрүүчүлөрдүн жумуш табууга жакшы мүмкүнчүлүктөрү бар. КПККИА маалыматтары боюнча IT-рыногу жыл сайын 500 адиске муктаж, ошол эл мезгилде сунуштар болгону 100 гана түзөт. 2020-жылы 69 катышуучу окууну ийгиликтүү аякташты жана алардын айрымдары иштеп башташты. Анын ичинде 20 жаштагы Данил Ковтун ден соолугунун абалы боюнча кыймыл-аракети чектелген. «Веб-дизайн боюнча курстан өтүүгө мени тандап алышканына кубандым, – деп эскерет Данил. – Бул менин кызыкчылыктарымдын чөйрөсүндөгү жаңы нерсени билүүгө гана мүмкүнчүлүк эмес, мага иштөөгө жана коомго пайда алып келүүгө мүмкүндүк берүүчү көндүмдөрдү алуу болду!». Ал башында таң калган жана ишене алган эмес. Бирок таң калып бүткөндөн кийин өзүнүн алдына койгон максатына карай биринчи кадам таштоону түшүнгөн. Данил өзүнүн биринчи тапшырмасын аткарган: Инвестицияларды илгерилетүү жана коргоо боюнча агенттик үчүн веб-дизайн.






## Гендердик теңчилик: аялдардын укуктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүнү колдоо

GIZ Кыргызстандагы гендердик теңчиликке көмөктөшөт жана айыл жергесиндеги аялдардын киреше алуу үчүн көндүмдөрүн жогорулатуу жана мүмкүнчүлүктөрдү түзүү менен алардын социалдык-экономикалык абалын жакшыртууга жардам берет. Мисалы, биз Жалал-Абад областында жашылчалардын көчөттөрүн өстүрүү үчүн жакшыртылган күнөсканаларды жасоого жардам бердик. Бул күнөсканаларды пайдаланган аялдар өндүрүш жана бизнес маселелери боюнча окуудан өтүштү. Биз ошондой эле 2020-жылы аялдарга жашылчаларды сорттоо менен алектенген логистикалык борборду түзүүнү колдоого алдык. Агротуризм чөйрөсүндөгү ишкер эксперттердин консультацияларынын натыйжасында туристтерге көрсөтүлүүчү кызматтардын сапатын жакшырттык, жаңы азыктарды иштеп чыктык жана аларды онлайн-платформада көрсөттүк. Тамак-аш азыктарынын коопсуздугу жаатында биз тобокелдиктерди талдоону жана критикалык контроль түйүндөрүн киргизүүдө «Бишкек Нан» муниципалдык нан бышыруучу жайын колдоого алдык. Тамак-аш азыктарынын коопсуздугу боюнча жаш эксперттер жана негизинен аялдардан турган нан бышыруучу персоналдар окутулду. Биздин колдообуздун натыйжасында 170 жакын кичи, чакан жана орто ишканалар 2020-жылы өздөрүнүн кирешелерин орточо 37% көбөйтүштү, алардын 36сын аялдар башкарат.



Андан тышкары, GIZ өткөн жылы 110 аялга сатып алуулар үчүн кездеме сумкаларды тигүүгө жардам берген, алар Кыргызстандын ири соода борборлорунун биринде «Желимге – жол жок» лозунгу менен сатылат. Бул демилге бизнести жана БӨУ бириктирет, мында БӨУ аялдарды окутат, ал эми бизнес сатууга жана жарнамалоого кеткен чыгымдарга жардам берет. Идея желим баштыктарды керектөө боюнча элдин түшүнүгүн өзгөртүүнү жана айыл жергесиндеги аялдардын киреше алуусуна жардам берүүнү шарттайт. Биз БӨУ бул коммерциялык эмес долбоорун колдоого алдык, анткени бардык киреше аялдарды жана экологиялык демилгелерди колдоого кетет.

GIZ ишке орноштурууну жакшыртуу үчүн жаш адамдарды өнүктүрүүгө, өзгөчө аялдарды эмгек рыногу үчүн зарыл болгон көндүмдөргө багытталган БӨУ жергиликтүү жаштарынын идеяларына көмөктөшөт. Биз ишке орноштуруу боюнча долбоорлорду каржылайбыз, консультацияларды көрсөтөбүз жана окуу жүргүзөбүз. Артыкчылыктуу тармак болуп жаштар, кесиптик багыттоо, туризм, айлана-чөйрө, маалыматтык жана коммуникациялык технологиялар үчүн кызмат көрсөтүүлөр, архитектура/курулуш, тамак-аш өнөр жайы/коомдук тамактануу жана тигүү менен байланышкан кызмат көрсөтүүлөр саналат.

2020-жылы биз гендердик маселелер жана аялдардын ишкерлиги боюнча БӨУ жаштарынын өкүлдөрү үчүн онлайн-семинарларды уюштурганбыз. Консультациялардан жана устатчылыктан кийин катышуучулар 22 долбоордук сунуштарды беришкен, алардын ичинен тогузу тандалып алынган. Идеялар нан бышыруу, сувенирлерди өндүрүү, тигүү чеберчилиги жана фото/видеостудия, иш-чараларды уюштуруу, коомдук тамактануу боюнча кызмат көрсөтүүлөр ж.б. Мисалы, биз «Лидерство» Жаштардын ыктыярдуу уюмунун долбоордук өтүнмөлөрүн жана социалдык жана бизнес-кызмат көрсөтүүлөрүн колдоого алдык. Ал Ысык-Көл областынын Каракол шаарында түзүлгөн жана төрт жаш аялдар командасы башкарат. Бул БӨУ жаштардын демилгелерин 2005-жылдан тартып башкарат жана жаштарды коомдук турмушка активдүү катышууга шыктандырат.

## Инновациялар жана санариптештирүү: туруктуу өнүктүрүү үчүн жаңы санариптик чечимдер



Санариптик өзгөрүүлөр дүйнө жүзүндөгү адамдардын, коомдун жана мамлекеттердин өз ара аракеттенүү ыкмаларын өзгөртөт жана өнүктүрүү жаатында кызматташууда маанилүү ролду ойнойт. Санариптештирүү бардык тармакты камтыйт жана 2030-жылга чейинки мезгилдеги Күн тартибиндеги Туруктуу өнүктүрүүнүн 17 максатына жетүүгө өбөлгө түзөт. Андан тышкары, санариптик технологиялар социалдык жана саясий катышууну жакшыртууга өбөлгө түзөт, рынокту ачууга жана билимдерди жеткиликтүү кылууга жардам берет. GIZ санариптештирүү процессинде, өзгөчө жаштар секторунда жаштарды жана адистерди окутууда өнөктөштөрдү колдойт. 2020-жылы ишке киргизилген жаштар менен иштеген мамлекеттик кызматкерлерди жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын (ЖӨБО) өкүлдөрүн расмий түрдө окутууну колдоого алды.

Ал өзүнө электрондук жана салттуу окутуунун элементтерин айкалыштырат – аудиторияда жана www.e-jashtar.kg онлайн-платформада, мында окутуунун бир нече мыкты интерактивдик методдору кыргыз жана орус тилдеринде сунушталган. Электрондук окутуу адистерге окутуунун темпин, убактын жана өткөрүү ордун контролдоого мүмкүндүк берет. Бул үчүн алар компьютер, планшет же смартфон колдоно алышат.

Веб-сайт көрүү көйгөйлөрү бар адамдар үчүн ыңгайлуу навигацияга жана ыңгайлашкан интерфейске ээ. Бул 6 айлык курс тренердин колдоосун талап кылбайт. Жаңы технологиялар катышуучуларга материалды өз алдынча өздөштүрүүгө мүмкүндүк берет, ошондой эле алар вебинарларда жана тренерлер менен жолугушууларда суроолорду бере алышат. Окууну ийгиликтүү аяктагандар Жаштар иштери, дене тарбия жана спорт мамлекеттик агенттигинин жана Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик кадр кызматынын мамлекеттик үлгүдөгү сертификатын алышат. Бүгүнкү күндө модулдук окутууну мамлекеттик мекемелердин жана ЖӨБ органдарынын 135 кызматкери аякташты. Платформаларды пилоттоо ийгиликтүү аяктагандан кийин Мамлекеттик агенттик 2021-жылы бүткүл өлкө боюнча бул аралаш окутуу курсун ишке киргизүүнү пландоодо. Башка мисалдар иш менен камсыз кылуу сектору менен байланышкан. Мында GIZ бүткүл өлкө боюнча жумуш издөө үчүн түзүлгөн www.zanyatost.kg веб-порталын иштеп чыгууну колдоого алган. Иш берүүчүлөр сайтка өздөрүнүн бош орундарын жайгаштырышат, ал эми жумуш издегендер өтүнмө берүүгө жана иш менен камсыз кылуу кызматтары жөнүндө, кыска мөөнөттүү кесиптик курстарды жана бүтүндөй эмгек рыногу жөнүндө маалыматтарды алууга болот. Веб-портал көрүүсү начарлар үчүн оптималдаштырылган.



Андан тышкары, Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министрлигинин жана анын иш менен камсыз кылуу кызматтарынын кадрдык потенциалын жогорулатуу үчүн окуу платформасын иштеп чыгууга жардам бердик. Иш менен камсыз кылуу кызматтарынын ишин жакшыртууга жана консультация берүү боюнча пилоттук курстарды иштеп чыгууга, ошондой эле коомчулук менен байланышуу боюнча адистерди профилдик окутууга колдоо көрсөтүлдү. Бул өлкө боюнча өнөктөш уюмдардын кызматкерлеринин квалификациясын жогорулатуучу базалык компьютердик сабаттуулук боюнча сабактарга толуктоо болот. Азыркы убакта алар окуу платформасында жеткиликтүү. Дагы бир нечеси иштелип чыгууда. Курстар өз алдынча, студенттерге жеке графикте окууга мүмкүндүк берет. Ошентип, шаарда да, айыл жергесинде да, кызматтарды жогорку деңгээлде көрсөтүү үчүн сапатты камсыз кылуу куралы катары кызмат кылат.

## Кыргыз Республикасынын ТӨМ локалдаштыруу



Кыргызстан Туруктуу өнүктүрүүнүн максаттарын (ТӨМ) ишке ашыруунун жүрүшү жөнүндө өзүнүн биринчи Ыктыярдуу улуттук обзорун (ЫУО) 2020-жылы Нью-Йоркто Саясий форумда жогорку деңгээлде тааныштырган. Өкмөт көптөгөн кызыкдар тараптардын катышуусунда консультациялык процесстин алкагында обзорду даярдаган. Анда көйгөйлөр, алынган сабактар, мезгилдик тажрыйба, ошондой эле ТӨМ жетүүнүн прогресстери жана аларды ишке ашыруу боюнча кийинки кадамдар чагылдырылган. Артыкчылыктуу багыт болуп «эч кимди артка калтырбоо» милдеттенмелеринин алкагында Максаттарды локалдаштырууну тездетүү жана региондук деңгээлде мониторингдин ишенимдүү системасын бекемдөө болду. Бул система 2030-жылга чейинки Күн тартибинин жана 2040-жылга чейин Улуттук өнүктүрүү стратегиясынын улуттук артыкчылыктарына ылайык Региондук башкаруу индексин түзүү жолу менен иш жүзүндөгү натыйжалардын негизинде саясатты иштеп чыгууга багытталган.



GIZ «Кыргыз Республикасынын ТӨМ локалдаштыруу» кыргыз-герман долбооруна КР Экономика министрлиги менен кызматташууда жана Экономикалык кызматташтык жана Германияны өнүктүрүү федералдык министрлигинин (BMZ) тапшырмасы боюнча колдоо көрсөтүлдү. Бул колдоо Максаттарды ишке ашыруу боюнча күчтөрдү ылдамдатууга жана мониторингдин комплекстүү механизмдерин иштеп чыгуу жолу менен иш жүзүндөгү маалыматтардын негизинде чечимдерди кабыл алуу процессин жеңилдетүүгө жардам берет. Бул ачык жана отчеттуу башкаруу үчүн, ошондой эле Күн тартиби жана ТӨМ жөнүндө жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана жарандардын маалымдуулугун жогорулатуу үчүн зарыл. Долбоор мониторингдин жакшы өнүккөн системасын түзүүнү жана институционалдык процесстерге интеграцияланган жергиликтүү деңгээлде баалоону камсыз кылат. Анын акыркы максаты – ТӨМ жана улуттук артыкчылыктарды камтуу боюнча методологиялык жакшы даярдалган жана ыңгайлашкан куралды ар бир регионго берүү.



# Кыргызстандагы коронавируска GIZтин жообу: экономикалык жана социалдык таасири



Кыргызстандагы коронавируска GIZтин жообу: экономикалык жана социалдык таасири





Расмий маалыматтар боюнча COVID-19 Кыргызстанга 2020-жылдын мартында жетти. Жайында өлкө пандемия менен байланыштуу оор кырдаалга туш болду, COVID-19 толкуну ооруну жугузуу учурларынын жана өлүмдүн уланышын чакырды. 2021-жылдын январында коронавирус инфекциясынын ырасталган учурларларынын жалпы саны 83 000 жетти жана 1 412 адамдын өлүмүнүн себепчиси болду. GIZ Кыргызстанда эрте стадияда пандемияга жооп кайтаруу системасын иштеп чыгууда жана киргизүүдө өзүнүн өнөктөштөрүн колдоого алды. Алар өзүнө натыйжалуу контрчараларды жана саламаттык сактоо инфратүзүмүнүн потенциалын бекемдөөнү камтыды. Тез жооп кайтаруу жана жардам берүү социалдык-экономикалык абалда пандемиянын терс кесепеттерин жумшартуу боюнча чаралар менен толукталды.

GIZ ыкчам жардам көрсөтүү планын уюштурду, мисалы, Ошто медицина персоналы үчүн транспорт жана тамактануу жана Ош медициналык штабына ишти координациялоого жана маалыматтык материалдарды иштеп чыгууга колдоо көрсөттү. Биздин эксперттер Кыргыз мамлекеттик медициналык кайра даярдоо жана квалификацияны жогорулатуу институтунун 2-3 тренери менен эки мобилдик бригада түзүүгө жардам беришти. Бригадалар өлкөнүн түштүгүндөгү медкызматкерлер үчүн COVID-19 боюнча онлайн жана оффлайн тренингдерди өтүштү. Биз максаттуу топторду жеке коргоочу каражаттар, лабораториялык жабдуулар жана керектүү буюмдар, ошондой эле ар түрдүү санитардык-гигиеналык каражаттар менен камсыз кылдык. Максаттуу топтордун арасында Ош шаарынын саламаттык сактоо уюмдарынын, Бишкек жана Чүй областынын лабораторияларынын, Кыргызстан Мамлекеттик пенитенциардык системасынын, Башкы прокуратуранын, Адвокаттар ассоциациясынын жана Акыйкатчынын Аппаратынын кызматкерлери, ошондой эле соодагерлер, жүк ташуучу айдоочулар жана экспедиторлор болушту. Нарын областынын калкынын аярлуу топторунан 400 үй-бүлө тамак-аш азыктарын жана алгачкы муктаждык буюмдарын алышты. Германия өкмөтүнүн атынан Саламаттык сактоо министрлигине (ССМ) 30 кислороддук терапия аппараты берилген. Германиянын эпидемияга даярдыгын камсыз кылуу боюнча (SEEG) беш эл аралык эксперттер тобунун көчмө миссиясы 150 000 ПЧР тест-топтомдорун алып келген жана лабораториялык диагностика жана персоналдык коргоо лабораториялары боюнча тренингдерди өткөргөн.



Пандемия мезгилинде өлкө үчүн өтө маанилүү медперсоналдын жана лабораториялардын даярдыгы маселеси болду жана GIZ интенсивдүү тренингдерди жана консультацияларды өткөрдү. Кыргызстандагы ДСУнун







Өлкөлүк кеңсеси менен биргеликте ар түрдүү материалдар жана видеороликтер орус жана кыргыз тилдеринде даярдалган. Эксперттер командасы 102 ооруканага жана 64 үй-бүлөлүк медицина борборуна (ҮМБ), COVID-19 учурлары жөнүндө маалыматтардын Бирдиктүү онлайн-базасын иштеп чыгууга жана орнотууга, ошондой эле 35 адисти бул технологияны окутууга жардам көрсөттү. Биз Ош ҮМБ жана анын 11 филиалына профилактика жана инфекцияны контролдоо системасын бекемдөөгө, атап айтканда, Иш-аракеттер планын иштеп чыгууга жана баалоого колдоо көрсөттүк, 180 кызматкерди окутууга, ошондой эле үзгүлтүксүз мониторинг кылууга жана устатчылыкка жардам бердик.

GIZ эне жана баланын ден соолугун коргоо жаатында кош бойлуу аялдарды жана ымыркайларды COVID-19 менен күрөшүү боюнча ДСУнун стандарттарын жана алгоритмдерин кабыл алууда ССМ жумушчу топтору менен бирге аракеттенди. Бишкекте №2 төрөт үйү коронавирус инфекциясына шектелгенде же аныкталганда кош бойлуулукту, төрөттү жана операция менен баланы алууну бөлүштүрүүнүн жана жүргүзүүнүн ички алгоритмдерин иштеп чыкты. Андан тышкары, GIZ COVID-19 боюнча кыргыз жана орус тилдериндеги «Коопсуз төрөт» мобилдик колдонмосун («Материнство» фонду тарабынан иштелип чыккан) жаңы модулга ыңгайлаштырууга жана өтүүгө жардам берди, аны өлкө боюнча 1 000 ашык акушер пайдаланат.

Биз «Кризиске каршы план» салымы катары Билим берүү жана илим министрлигин жогорку жана кесиптик-техникалык окутуу деңгээлинде пайдалануу үчүн онлайн-окутуу платформаларын жана курстарды иштеп чыгууну колдоого алдык. Пилоттук мектептердин окуучулары орус жана кыргыз тилдеринде кесиптик окутуу боюнча видеосабактарды даярдашты; Билим берүү жана илим министрлиги аларды андан ары жайылтууну жактырды. 8 шаарда 24 мектепте 2 264 окуучу окутууну онлайн аякташты. Андан тышкары, Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министрлигинин жумушчу тобу 2021-2025-жылдары иш менен камсыз кылууга көмөктөшүү программасын иштеп чыккан, анда COVID-19 терс таасирин жумшартуу боюнча чаралар каралган.



Биздин социалдык-экономикалык кырдаалды жакшыртууга салымыбыз өзүнө бир катар чараларды камтыйт. Мисалы, 412 фермерге БӨУ жана жергиликтүү талаа консультанттары аркылуу ыкчам жардам көрсөтүлдү, бул жазындагы иштер үчүн зарыл болгон өндүрүштүк каражаттарды өз убагында жеткирүүнү камсыз кылды. Биз жер-жемиш жана жашылча өстүргөн 1 285 фермерге үрөндөрдү, минералдык жер семирткичтерди, биодары каражаттарын жана башка маанилүү өндүрүш каражаттарын алууга жардам бердик. Андан тышкары, Жалал-Абал областынан 54 айыл чарба өндүрүүчүлөрү тоңдурмадан кийин эгилген жашылчаларды эрте калыбына келтирүү үчүн жер семирткичтерди



алышты. Жалал-Абадда 200 чакан жана орто туристтик ишканалар каатчылыктан чыгуу үчүн жакшыртылган азыктарга жана маркетингге ыңгайлашты. Андан тышкары, биз «жашыл» экономика принциптерине өзгөчө көңүл буруу менен, айрым кошумча нарк салыгында (үй эти, эрте бышкан жашылчалар, кара өрүк жана туруктуу туризм) кирешелерди алуу жана ишке орноштуруу мүмкүнчүлүктөрүн жогорулаттык. GIZ Ысык-Көл областында ири мүйүздүү малдарды көзөмөлдөөнүн жана маркетингдин санариптик системасын иштеп чыгууга жана киргизүүгө жардам көрсөттү. Мейманкана-ресторан бизнес ассоциациясынын 50 мүчөсү коопсуздук стандарттарын сактоону камсыз кылышты.



Биз өнөктөштөр менен бирге карантин мезгилинде гендердик жана үй-бүлөлүк зомбулук учурларынын санын кыскартууга жардам берүү үчүн жарандык коом менен виртуалдык тегерек столдорду өткөрдүк жана мындай учурларды кыскартуу үчүн токтоосуз чаралар боюнча саясий сунуштамаларды бердик. Биз баш калкалоо мүмкүнчүлүктөрүн талдоого жардам бердик, ошондой эле донорлорго жана мамлекеттик мекемелерге өзгөчө абал шарттарында баш калкалоону колдоо үчүн мейманкалар, курорттор жана жатаканалар менен иштешүү өтүнүчү менен кайрылдык.

Биздин уюм санариптештирүү жана коммуникация жаатында, чек ара кызматтарынын ортосунда жүргөндөгү жүктөр жөнүндө маалыматтарды алмашуу үчүн онлайн-платформаны кошуп алганда, өнөктөштөрдү колдоо боюнча көп сандаган чараларды жүзөгө ашырды. Пандемия мезгилинде жүктөрдү ташуу менен байланышкан тоскоолдуктар жөнүндө иштелип чыккан мобилдик колдонмо транспорттук жана логистикалык компаниялар, трейдерлер, жүк ташуучу айдоочулар жана Борбордук Азияда тышкы соодага катышуучу ар түрдүү субъекттер үчүн пайдалуу болду. Андан тышкары, GIZ Айлана-чөйрөнү коргоо жана токой чарбасы мамлекеттик агенттигинин Токой экосистемасын өнүктүрүү департаментине 11 коммуникациялык жабдуулардын топтомун берди жана Департаменттин жана токой чарбасынын аймактык бөлүмдөрүнүн ортосундагы коммуникацияны жакшыртуу үчүн онлайн куралдарды пайдаланууга кызматкерлерди окутту.



Анткени пандемия жана анын кесепеттеринин бүтүшү алыс болгондуктан, GIZ Кыргызстан өзүнүн тапшырыктары жана долбоорлорун жана өнүктүрүү боюнча өнөктөштөрү менен координациялоого ылайык жардам көрсөтүүнү улантат. Бул глобалдык тарыхый түйшүктөрдү жеңилдетүү боюнча биргелешкен күчтөр гана жакшы натыйжаларга алып келет, ошондой эле адамдарга жана өлкөгө саламаттык сактоо чөйрөсүн кошуп алганда, экономикалык жана социалдык көйгөйлөрдү жеңүүгө жана жашоо шартты жакшыртууга жардам берет.

















**Басып чыгаруучу:**

Deutsche Gesellschaft für
Internationale Zusammenarbeit (GIZ) GmbH
(Германия эл аралык кызматташтык коому)

Катталган кеңселери
Бонн жана Эшборн шаарлары, Германия

GIZ Кыргызстандагы өкүлчүлүгү
Эркиндик бульвары, 22
720040, Бишкек ш., Кыргызстан
T +996 312 909070
Ф +996 312 909080

E giz-kirgisistan@giz.de
I www.giz.de/en

**Авторлор/Жооптуулар/Редакторлор:**
GIZ Кыргызстан командасы/ Иоахим Фритц/ Индика Кочкарова/ Нурзат Асанбекова, Бишкек ш.

**Дизайн/Верстка:**
Александра Устинова, Бишкек ш.

**Фотосүрөтөр/Инфографика:**
©GIZ Кыргызстан; ©Аял соттордун Кыргыз Ассоциациясы (35-бет: фото 2, 3)
©ПРООН/Дмитрий Мотинов (22-бет: фото 1, 2)

GIZ бул жарыялоонун мазмуну үчүн жоопкерчилик тартат.

FSC стандарттары боюнча сертификацияланган кагазга басылды.

Бишкек ш., 2021-жылдын январы